# ИСЛАМДАГЫ БАЛА ТАРБИЯЛОО

2020

УДК
ББК
С

**Которгондор:** Сыдыгалиев Бакыт
Шамурзаев Курсант
Рыскулов Ильяс
Ашыралиев Касиет

**Редактор:** Тыныбек уулу Санжарбек

С Исламдагы бала тарбиялоо -Б.: 2019, 128 б.

ISBN

Шариятка ылайык бала тарбиялоо ар бир мусулман үчүн зарыл. Анткени ар бир адам балалуу болууга умтулат жана анын себептерин кылат. Бирок көптөгөн мусулмандар балалуу болгондон кийин алгачкы күндөрүндө шариятка ылайык эмне кылуу керек экендигин билишпейт. Ошондой эле балага ат тандоодо да кыйынчылыктарга кабылышат. Мына ошондуктан мусулмандарга жеңил болуш үчүн бул китепте шариятка ылайык бала тарбиялоого керектүү маалыматтар камтылган.

**КЫРГЫЗСТАН МУСУЛМАНДАРЫНЫН ДИН БАШКАРМАСЫ**

**Бул китеп Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармасы тарабынан тастыкталат.** №108 «16»___09___2019-жыл

С
ISBN

УДК
ББК

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

# КИРИШ СӨЗ

Мээримдүү жана Ырайымдуу Аллахтын ысымы менен баштаймын!

Эң алгач, ааламдардын Жаратуучусу, ырыскы Берүүчүсү жана аны көзөмөлдөп Башкаруучу – Аллах Таалага алкыш-мактоолор болсун. Анын Элчиси жана Пайгамбары Мухаммадга Аллахтын салават-саламдары болсун. Ошондой эле Пайгамбардын үй-бүлөсүнөн, сахабаларынан жана кыяматка чейин акыйкат жолдо аларга ээрчигендерден Аллах Таала ыраазы болсун.

Үй-бүлө – коомдун бир бөлүкчөсү болуп саналат. Ошондуктан коом мына ушул үй-бүлөлөрдөн куралат. Үй-бүлөдө канчалык ынтымак болсо, анда коомдо да ошончолук биримдик күчөйт. Үй-бүлөдө балдарга берилген туура тарбия – коомдогу биримдикти күчөтөт. Ал эми үй-бүлөдөгү тарбиянын начар болуусу коомдун өнүгүшүнө жолтоо болот. Натыйжада катардагы эле бир үй-бүлөдө болгон көйгөй – бүт коомчулуктун да көйгөйү болот. Үй-бүлөдө балдардын тарбиясына кош көңүл мамиле кылынса, анда алардын тарбиясыз чоңоюшуна жол ачылат. Ошондуктан коомдун өзөгү болгон үй-бүлөнү бекемдөө үчүн таалим-тарбияга терең көңүл бөлүү өтө зарыл иштерден.

* * *

# 1-БӨЛҮМ

## БАЛА ТАРБИЯЛООДОГУ ЭҢ АЛГАЧКЫ КАДАМДАР

## 1. БАЛА ТАРБИЯЛООНУН БАШТАЛЫШ УБАКТЫСЫ

Бала тарбиялоо – үй-бүлө куруудан мурун башталат. Андыктан үй-бүлө курардан алдын эркек да, аял да ыйманына карап турмуш курушса, анда алар балага тарбия берүүнүн эң негизги шарттарынын бирин аткарган болушат. Мисалга алып айтсак, үй-бүлө жер сыяктуу. Жерден мөмөлүү дарактар өсүп чыккандай эле, үй-бүлөдөн да коомдун келечегин түзгөн муун пайда болот. Эгерде үй-бүлөдө баланын тарбиясына терең көңүл бурулуп, туура багыт берилсе, анда бала мөмөлүү дарак сыяктуу коомго пайда берет. А эгер балага тарбия берүүдө кош көңүл мамиле кылынса, бала да тарбиясыз болуп, пайдадан зыяны көп болот.

* * *

## 2. БАЛА ТАРБИЯЛООДО АТА-ЭНЕНИН ОРДУ

Балага таалим-тарбия берүүдө ата-эне негизги ролду ойнойт. Анткени ата-эне – үй-бүлөнүн эң негизги устуну. Эгерде бул эки устун ыймандуу жана бекем болсо, анда үй-бүлө да бекем болот. Мына ушундай үй-бүлөдөн ыймандуу жана адеп-ахлактуу балдар чоңоёт. “Балапан уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат” дегендей эле, балдар да таалим-тарбияны эң биринчи ата-энеден алат.

Ислам done тарбиялоодо ата-эненин милдеттери жана жоопкерчиликтери өтө көп. Ата-

эне балдарына тарбия берүүдө аларды уул-кыз дебей, улуу-кичүү дебей ар бирине керектүү деңгээлде көңүл бөлүп тарбиялоосу зарыл.

Үй-бүлө өзүнчө бир чоң мамлекет. Ошол мамлекеттин ичинде тарбия алган бала коомго толук аралашпай туруп, коомдогу өз ордун таап, келечегине даярданат. Кайсы гана бала болбосун, ал коомго толук аралашуудан мурда ата-энесинен гана тарбия алат. Кийин ал бала коомго аралашып баштаганда ал коомдон да тарбия ала баштайт. Баланын жекече ой жүгүртүүсүнө, жашоодо карманган жолуна жана эл менен аралашуусуна ата-энеси жоопкер. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айткан:

**«Ар бир наристе таза табиятта төрөлөт. Кийин аны ата-энеси яхуд кылат, же христиан кылат, же отко сыйынуучулардан кылат».** [1]

Ата-эне балага башынан туура багыт берсе, анда ал келечекке туура багыт алат. А эгер балага туура эмес багыт берсе, анда ал сөзсүз адашуу жолуна түшөт. Анткени хадисте эскерилгендей бала өз ата-энесинин актаны динде болот.

Жогорудагы Пайгамбарыбыздын айткан хадиси – бала тарбиялоодо ата-эненин таасири өтө чоң экендигине ачык далил. Баланын кулк-мүнөзүнө, аң-сезиминин туура калыптанышына анын ата-энеси чоң таасир берет. Анткени бала жашоонун баштапкы учурунда ата-энесинин кол астында чоңоёт жана ал дүйнөнү ата-энеси аркылуу тааныйт. Ата-эненин кулк-мүнөзү, ишеними акырындык менен балага өтөт.

1 Сахих Бухари, 1385.

Ислам дини балдарга тарбия берүүгө терең көңүл бөлөт. Анткени жакшы таалим-тарбия берүү баланы жөнөкөйлүккө чакырат жана аны кулк-мүнөздүү кылат. Ошентип балага тарбия берүүгө терең көңүл бөлүү жана аны көзөмөл кылуу менен коомдо сапаттуу үй-бүлөлөр пайда болот.

* * *

## 3. ӨМҮРЛҮК ЖАР ТАНДОО

Үй-бүлө куруу – өмүрлүк жарды туура тандоодон башталат. Ошондуктан үй-бүлө курам деген ар бир эркек жана аял өзүнө өмүрлүк жар тандаган кезде анын ыйманына жана кулк-мүнөзүнө өзгөчө көңүл буруулары зарыл. Анткени үй-бүлөлүк турмушта ыймандуулук эң негизги орунду ээлейт. Ошондой эле балдарга тарбия берүүдө да анын таасири чоң.

Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айткан:

**«Аялга үйлөнгөн кезде төрт нерсесине карап үйлөнүшөт: байлыгына, ата-тегине, сулуулугуна жана динине. А сен динди кармаганына умтулгун, жакшылыктарга жетесиң».** [1]

**Башка бир хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айткан: «Эгерде силер динине жана кулк-мүнөзүнө ыраазы болгон бир адам силерге куда түшүп келсе, анда ага (кызыңарды) бергиле! А эгер силер андай кылбасаңар, анда жер бетинде фитна күчөп, бузукулук жайылат».** [2]

1 Сахих Бухари, 5090.

2 Тирмизи, 1084.

Ислам désininde өмүрлүк жар тандаган кезде анын сулуулугуна, байлыгына же бийлигине эмес, эң биринчи кезекте анын ыйманына, такыбалыгына жана адеп-ахлагына көңүл бурулат. Ошондуктан эркек дагы, аял дагы өзүнө өмүрлүк жар тандаганда эң биринчи эле ушул сыпаттарга өзгөчө көңүл буруусу керек. Анткени ыймандуу үй-бүлө келечек муунду түзгөн жаштардын ыймандуу жана адеп-ахлактуу болуп өсүшүнө эң чоң салымдарын кошот. Ал эми келечек муундун ыймандуу болуп чоңоюусу, бара-бара коомдун жакшы жакка өзгөрүшүнө алып барат.

Мийкол ибну Ясар, радыяллаху анху, риваят кылат: “Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, бир киши келип: “Ата-теги кадырлуу жана сулуу аялды жакшы көрүп калдым. Бирок ал төрөбөй турган аял экен. Мен ошол аялга үйлөнсөм болобу?”– деп сураганда, Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, сахабаны ал аялга үйлөнүүдөн тыйды. Ал сахаба кайрадан экинчи жолу келип Пайгамбардан сураганда, дагы тыйды. Үчүнчү жолу келип сураганда, Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам:

**«Силер күйөөсүн жакшы көргөн жана көп бала төрөгөн аялдарга үйлөнгүлө! Кыямат күнү мен башка үммөттөрдүн арасында силердин көптүгүңөр менен сыймыктанам», – деп айтты.** [1]

Үй-бүлө куруудагы негизги максаттардын бири – келечек муунду көбөйтүү жана аларга жакшы тарбия берүү. Ошондуктан жаштардын турмуш куруудагы максаттары бир гана өз кумарын кандырып

1 Абу Дауд, 2050.

ырахаттануу эле болуп калбашы керек. Тескерисинче, ошол келечек муунду түзгөн өспүрүмдөрдүн ыймандуу жана адеп-ахлактуу болуп өсүшүнө колунан келген салымын кошуулары зарыл.

* * *

# 2-БӨЛҮМ

## БАЛА ТӨРӨЛГӨНДӨН КИЙИН ЖЕТИ КҮНДҮН ИЧИНДЕ АТКАРЫЛУУЧУ ИШ-АРАКЕТТЕР

# 1. БАЛАНЫН КУЛАГЫНА АЗАН АЙТУУ

Бул дүйнөгө жаңы келген ымыркайдын кулагына эң биринчи угула турган нерсе азан болгону жакшы. Себеби азандын сөздөрүндө камтылган маани-маңыз мусулмандар үчүн өтө маанилүү. Ошондой эле азан – Ислам динин башка диндерден өзгөчөлөп турган белгилерден. Мына ошондуктан бала төрөлгөн кезде ата-эненин эң алгач аткара турган нерсеси – анын кулагына азан айтуу.

## БАЛАНЫН КУЛАГЫНА АЗАН АЙТУУНУН ӨКҮМҮ

Ислам нининде баланын кулагына азан айтуунун өкүмү сүннөт. Имам Навави, рахимахуллах, айтат: «Бала төрөлгөндө оң кулагына азан айтуу жана сол кулагына коомат айтуу мустахаб иштерден».

Абу Рафи, радыяллаху анху, айтат:

**«Фатима, радыяллаху анха, баласы Хасанды төрөгөндө Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, Хасандын кулагына азан айтып жатканын көрдүм».**[1]

Ошондой эле Абдуллах ибну Аббас, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте:

**«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, небереси Хасан төрөлгөн күнү анын кулагына азан айткан: Азанды оң кулагына, комматты сол кулагына айткан эле».**[2]

1 Абу Дауд, 5105.

2 Байхаки, 8620.

## БАЛАНЫН КУЛАГЫНА АЗАН АЙТУУНУН УБАКТЫСЫ

Азан бала төрөлөөрү менен анын кулагына айтылат. А эгер кандайдыр бир себептерден улам кечигип калса, анда башка убакта деле айтса болот. Ал эми баланын кулагына азанды сөзсүз мечиттин имамы же молдо айтышы шарт эмес. Тескерисинче азанды ар бир ата-эне өзү айтканы абзел. Себеби балага тарбия берүүгө ата-эне акылуу болгондуктан, азан айтууга да ар бир ата-эне өзү акылуу.

## АЗАНДЫН АЙТЫЛЫШЫ

1. Аллаху Акбар, Аллаху Акабар! Аллаху Акбар, Аллаху Акбар![1]

2. Ашхаду ал-лаа Илааха илла-Аллах! Ашхаду ал-лаа Илааха илла-Аллах![2]

3. Ашхаду анна Мухаммадан расуулу-Ллах! Ашхаду анна Мухамадан расуулу-Ллах![3]

4. Хайа ъалас-солаа! Хайаа ъалас-солаа![4]

5. Хайа ъалаль-фалаах! Хайаа ъалаль-фалаах![5]

6. Аллаху Акбар, Аллаху Акбар![6]

7. Лаа илааха илля-Ллах![7]

---

1 Аллах улук.

2 Аллахтан башка Кудай жок экендигине күбөлүк берем.

3 Мухаммад, саллаллаху алейхи уа саллам, – Аллахтын Элчиси экендигине күбөлүк берем.

4 Намазга шашылгыла.

5 Ийгиликке шашылгыла.

6 Аллах улук.

7 Аллахтан башка Кудай жок.

## БАЛАНЫН КУЛАГЫНА АЗАН АЙТУУНУН СЫРЛАРЫ

Эгерде наристе төрөлгөн кезде анын кулагына азан айтылса, анын эң биринчи уккан нерсеси – Аллахты улуктоо сөзү, күбөлүк келмеси, намазга жана ийгиликке чакыруу сөздөрү болот. Бул сөздөрдүн ар бири Ислам390 динде чоң мааниге ээ. Мисалга алып айтсак, Ислам динин жаңыдан кабыл алып жаткан адам эң биринчи күбөлүк келмесин айтып динге кирет. Ошондой эле намаз да – Ислам дининин эң негизги түркүктөрүнүн бири болуп саналат.

Өлүм төшөгүндө жаткан адамга да биз күбөлүк келмесин айттырабыз. Себеби өлүм алдында күбөлүк келмесин айтуу ал адамдын Бейишке кирүүсүнө себеп болот. Ошол сыяктуу эле жаңы төрөлгөн наристенин кулагына азан айтабыз. Себеби айтылган азан ал наристенин келечек жашоосундагы багыты Ислам дини болуусуна себеп болот.

Жаңы төрөлгөн наристе эч нерсени сезбегендиктен, айтылган азандан ага пайда жок же таасири тийбейт деп айтуу туура эмес. Себеби шарияттa белгилүү болгондой, ар бир адамды төрөлгөндөн өлгөнгө чейин “Карийн” деп аталган жин-шайтан жандап жүрөт. Ал жин-шайтан бул дүйнөдө адамдын жанында ажырагыс шерик болуп, дайыма азгырып жүрүүсүн Аллах Таала тагдыр кылган. Демек, ар бир наристе төрөлгөндө, аны Карийн күтүп турат. Наристе төрөлгөн кезде анын кулагына азан айтылса, шайтанга чоң сокку болуп, наристени азгыруу үчүн анын алгачкы аракеттери ишке ашуусуна тоскоол болот.

* * *

# 2. ООЗАНДЫРУУ (ТАХНИК)

Оозандыруу – бул курманы чайнап жумшартып туруп, аны жаңы төрөлгөн баланын оозуна салууну. Эгерде курма болсо, курма менен оозандырган жакшы. А эгер курма жок болсо, анда таттуу нерсе менен оозантса да боло берет. Таттуу нерселердин арасынан оозандырууга эң ылайыктуусу бал. Бирок биздин кыргыз эли илгертеден бери сары май менен оозандырып келишкен. Анткени мал чарбачылыгы менен алектенген эл үчүн май эң мыкты азык болуп саналган. Бирок азыркы медицинада жаңы төрөлгөн наристеге май жегизүү зыян экенин айтышат. Ошондой эле Ислам дининин ишенимине каршы келген кээ бир ырым-жырымдарга таянып башка нерселер менен да оозандырышкан. Мына ошондуктан шарияттын негизинде Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, көргөзгөндөй курма же таттуу нерселер менен оозандырган абзел.

## ООЗАНДЫРУУНУН ӨКҮМҮ

Жаңы төрөлгөн наристени курма менен оозандыруунун шарияттагы өкүмү сүннөт. Сахих Бухариде келген хадисте Асма, радыяллаху анха, баласы Абдуллахты төрөгөндө, аны Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, алып барат. Ошондо Пайгамбарыбыз ымыркайды колуна алып курма менен оозандырган жана ага батасын берип, береке тилеген.[1]

1 Сахих Бухари, 3619.

Башка бир хадисте Абу Муса, радыяллаху анху, мындай деген:

**«Балам төрөлгөндө Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, алып бардым. Ошондо Пайгамбар балама Ибрахим деген ат коюп, курма менен оозандырды жана балама береке тилеп батасын берди».**[1]

## ООЗАНДЫРУУНУН УБАКТЫСЫ

Ымыркай төрөлүп эмчек эмгенге чейин оозандырылса өтө жакшы болот. Анткени мурдагы өткөн улуу аалымдар айтышкан: «Баланын ашказанына эң биринчи таттуу нерсе кириш үчүн Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, таттуу нерсе менен оозандырган. Мына ушундай таттуу нерсе менен оозандыруу сүннөт. Эгер курма жок болуп калса, анда таттуу нерсе менен да оозандырса болот».[2]

## ООЗАНДЫРУУНУН СЫРЫ

Жаңы төрөлгөн баланы оозантуу – бала эмчекти оозуна тез алып, жакшы эмишине чоң жардам берет. Ошондой эле азыркы учурдагы медицина илими дагы жаңы төрөлгөн наристенин организми глюкозага муктаж экендигин тастыктап айтышкан. Баланын организмине глюкозанын жетишсиздиги ал наристеге көптөгөн зыяндарды бериши мүмкүн. Ал эми курма глюкозага бай жана анда балага керектүү түркүн-түрлүү витаминдер бар.

* * *

1 Сахих Бухари, 5045.

2 “Фатхул Баари”, 588/9.

# 3. БАЛАГА АТ КОЮУ

Жаңы төрөлгөн ымыркай, ал кыз болобу же бала болобу, ага жакшы аттардан коюу – ата-эненин милдеттеринен.

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

**«Балага жакшы ат коюу – атанын баласына болгон милдеттеринен».** [1]

Балага коюлган ат ага түздөн-түз таасирин берет. Эгерде балага жакшы ат коюлса, ал бала аты себептүү адамдардын алдында эч качан кыжалат болбойт. Ошондой эле бала өзүнүн ысымында камтылган сыпаттарга ээ болгонго аракет кылат. Ошондуктан кээ бир сахабалардын аттары туура эмес маанини түшүндүргөндүктөн, Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, алардын аттарын жакшы маанидеги аттарга өзгөрткөн. Ошондой эле жакшы маанидеги аттарды коюуну буйруп, жаман маанидеги аттарды коюудан тыйган.

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам:

**«Ат коюуда пайгамбарлардын аттарынан койгула. Ысымдардын арасынан Аллахка эң сүйүктүүсү – Абдуллах жана Абдурахман. Ысымдардын арасынан бардык адамга төп келгени – Харис (Күжүрмөн) жана Хаммам (Ойчул). Ысымдардын арасынан эң жаманы – Харб (Согуш) жана Мурро (Ачуу)» – деп айткан.** [2]

1 Байхакий, 458.

2 Абу Дауд, 4950.

Башка бир хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам:

**«Силер Кыямат күнү өзүңөрдүн жана атаңардын аты менен чакырыласыңар. Ошондуктан ат коюуда жакшы аттардан койгула» [1] – деп айткан.**

## БАЛАГА АТ КОЮУНУН УБАКТЫСЫ

Балага ат коюу убактысы тууралсында ар түрдүү хадистер келген. Кээ бир хадистерде Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, балага төрөлгөн күнү эле ат койгон. Ал эми башка бир хадистерде жетинчи күнү ат коюу керектигин айткан.

1. Балага төрөлгөн күнү эле ат коюу боюнча келген хадистер:

Анас, радыялаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

**«Мен бүгүн түндө балалуу болдум жана балама бабам Ибрахим пайгамбардын атын койдум». [2]**

Башка бир хадисте Абу Муса, радыяллаху анху, мындай деген:

**«Балам төрөлгөндө Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, алып бардым. Ошондо Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, баламa Ибрахим деген ат коюп, курма менен**

1 Абу Дауд, 4948.

2 Сахих Муслим, 2315.

**оозандырды жана балама береке тилеп батасын берди».**[1]

2. Жаңы төрөлгөн балага жетинчи күнү ат коюу боюнча келген хадистер:

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам айткан:

**«Жаңы төрөлгөн балага жетинчи күнү ат коюп, анын чачын алып, акыйка кылууга буйруду».** [2]

Самурат ибну Жундуб, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте, Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

**«Бала өз акыйкасына байланган. Аны бошотуу үчүн жетинчи күнү ага атап жандык союлуп, акыйка кылынат жана ага ат коюлуп, чачы алынат».** [3]

Имам Бухари жогоруда ат коюу боюнча келген хадистерди жыйынтыктап мындай деген:

**«Кимде-ким баласына жетинчи күнү акыйка кыла турган болсо, анда ал баласына жетинчи күнү ат койгону мустахаб болот. Ал эми ким баласына жетинчи күнү акыйка кылбай турган болсо, анда кечиктирбестен төрөлгөндөн кийин эле ат койгон жакшы. Анткени Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, жана Абу Муса, радыяллаху анху, да балдарына жетинчи күнү акыйка кылган жөнүндө кабар келген эмес».**

1 Сахих Бухари, 5045.

2 Тирмизи, 2832.

3 Тирмизи, 1522.

## АТ КОЮУДА КӨҢҮЛ БУРУЛА ТУРГАН НЕРСЕЛЕР

Маварди, рахимахуллах, мындай деп айткан: «Балага ат коюп жаткан кезде үч нерсеге көңүл буруш керек:

1. Пайгамбарлардын, аалымдардын жана салих пенделердин аттарынан коюу.

2. Оңой айтылган, тилге жеңил, уккулуктуу жана аз тамгалуу ысымдардан болуусу.

3. Ошол ысым баланын абалына жараша жакшы маанидеги ысым болуусу шарт. Ошондой эле баланын аты жергиликтүү элге жана чөйрөсүнө ылайыктуу болушу». [1]

## ШАРИЯТТА КОЙГОНГО БОЛБОГОН ЫСЫМДАР

1. Аллахтан башканын кулу деген ысымдар. Мисалы: Абдунаби (Пайгамбардын кулу), Абдурасул (Элчинин кулу), Абдушамс (Күндүн кулу), Абдуахмад (Ахмаддын кулу) ж.б.у.с.

2. Аллахтын Өзүнө гана тиешелүү ысымдар. Мисалы, Рахман, Ахад, Кибрия ж.б.у.с.

3. “Периште” деген ат же периштелердин аттарын кыздарга койбоо. Анткени мушриктер периштелерди Аллахтын кыздары дешкен. Мушриктерге окшошууга тыюу салынган. Мисалы, Малак, Исрофил, Жебреил ж.б.у.с.

1 Насихат аль-Мулуук 302-бет.

4. Балдарды мактоо маанидеги ысымдар. Мисалы, Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Балаңа Рабах (Пайдакер), Ясар (Жеңил, Бай), Афлах (Ийгиликтүү), Наафии (Пайдалуу) деген ат койбо»[1] – деп бул аттарды коюудан тыйган.

5. Мурда өткөн залымдардын ысымдарын. Мисалы: Фираун, Карун ж.б.у.с.

6. Жин-шайтандардын ысымдарын. Мисалы: Иблис, Шайтан, Ифрит ж.б.у.с.

## АТТЫ ӨЗГӨРТҮҮНҮН ӨКҮМҮ

– Шариятта таптакыр коюуга болбогон аттар коюлуп калган болсо, анда аны өзгөртүү парз болот.

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, сахабаларынын биринен:

**«Атың ким» – деп сурады. Ал: “Абдухажар (Таштын кулу)” – деп жооп берди. Ошондо Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Жок, сен Абдуллахсың (Аллахтын кулусуң)» – деди.** [2]

– Эгерде балага шариятта тыюу салынбаган, бирок жагымсыз ат коюлган болсо, анда аны өзгөртүш мустахаб.

Мисалы, Ибну Умар, радыяллаху анхума, риваят кылган хадисте айтат:

**«Умардын бир кызынын аты Аъасыя (Ажаан) эле. Ошону Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, анын атын Жамила (Сулуу,Чүрөк) деп өзгөрткөн».**[3]

1 Тирмизи, 2762.

2 Сахих “Адаб аль-Муфрад”, 623.

3 Сахих Муслим, 2139.

**Имам Бухари риваят кылган башка бир хадисте Абу Мусайаб атасынан риваят кылып айтат. “Атам Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, келгенде “атың ким?” – деп сурайт. Ошондо “атым Хазн (Орой) ” – деп жооп бергенде, Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: “Сен мындан кийин Сахл (Сылык) деп өзгөрткүн” деп айтат. Ошондо атам: “Мен атам койгон атты өзгөртө албайм” – дейт. Ошондон бери биздин урпакта оройлук сыпат калып кетти.**[1]

Эгерде мааниси жакшы эмес ысымды өзгөртүү парз болгондо ал сахаба сөзсүз түрдө атын өзгөртмөк. Бирок сахаба атын өзгөрткөн эмес.

* * *

1 Сахих Бухари, 6190.

# 4. БАЛАГА АКЫЙКА КЫЛУУ

Акыйка – Аллах Таалага шүгүр кылуу максатында жаңы төрөлгөн баланын атынан жандык союу. Акыйка кылуунун пайдасы төрөлгөн балага да, анын ата-энесине да тийет. Акыйка кылынуу менен бала өзүндөгү зыяндардан арылып, шайтандын азгырыгынан амандыкта болот. Ал эми баланын ата-энеси акыйка кылып элге садака бергендиги үчүн акыретте көптөгөн сооп-сыйлыктарга ээ болот. А бул дүйнөдө болсо, баласына элдин жакшы бата-тилектерин алат. Акыйка кылып садака бергендигинин себебинен ар түрдүү кырсык-балээлерден алыс болот.

## АКЫЙКА КЫЛУУНУН ӨКҮМҮ

Бала төрөлгөндө анын атынан жандык союп акыйка кылуунун шарияттагы өкүмү сүннөт. Ошондуктан сүннөттү аткаруу максатында төрөлгөн ар бир балага калтырбай акыйка кылуу өтө соопту иштерден. Уул балага эки кой, ал эми кыз балага бир кой союлат. Эки кой союуга мүмкүнчүлүгү жетпесе, анда уул бала үчүн деле бир кой союп койсо жетиштүү болот. Эң башкысы, максат кылынган акыйка кылуу амалы аткарылды деп эсептелет. Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айткан:

**«Бала өз акыйкасына байланган. (Аны бошотуу үчүн) жетинчи күнү анын атынан жандык союлуп акыйка кылынат жана ага ат коюлуп, чачы алынат».**[1]

1 Насаи, 4173.

Аиша, радыяллаху анха, риваят кылып айтат:

**«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, уул бала үчүн эки кой, кыз бала үчүн бир кой союп акыйка кылууга бизди буйруган».**[1]

Эгерде бала төрөлгөн кезде ага акыйка кылынбаган болсо, анда ал чоңойгондо өзүнүн атынан өзү акыйка кылса да болот. Анас ибну Малик, радыяллаху анху, риваят кылып айтат:

**«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, пайгамбарлык берилгенден кийин өзүнүн атынан өзү акыйка кылган».**[2]

Хасан аль-Басри, рахимахуллах, айтат:

**«Эгерде сага акыйка кылынбаган болсо, анда сен өзүңдүн атыңан өзүң акыйка кылгын».** [3]

Акыйка кылуу үчүн жандыкты соёрдо “Аллахым, бул жандыкты Сен үчүн баланчанын уулу баланчанын атынан” деп көңүлүнөн ниет кылып, “Бисмиллахи, Аллаахy Акбар” – деп мууздайт.

Акыйка кылуу – кой, эчки, уй жана төө сыяктуу жандыктардын бирин союу менен аткарылат. Кой менен эчки бир жашка толгон болуусу керек. Эгерде кой семиз жана чоң болсо, бир жашка толбосо да жарай берет. Эчки бир жаштан өткөндө,

1 Ибну Маажах, 2561.

2 ”Ас-Сильсилат ас-Сахиха”, Абдурраззак, 2726.

3 ” Ас-Сильсилат ас-Сахиха”, 506.

уй эки жаштан өткөндө, төө төрт жаштан өткөндө сойгонго жарактуу болуп эсептелет. Ал жандыктар ургаачыбы же эркекпи айырмасы жок, баары тең акыйкага сойгонго жарай берет. Эң негизгиси, акыйкага аталган жандык оорукчан болбошу жана дене-мүчөлөрү бүтүн болушу шарт. Көзү көр, чолок, мүйүзү жарымынан көбү сынган, кулагынын көпчүлүгү кесилген, өзү баса албай тургандай арык, ылаңдаган араңжан жандыктар акыйкага союуга жарабайт. Кыскасын айтканда, курмандык кылууга союу үчүн кандай жандыктар жараса, акыйка кылууга да ошондой жандыкты союш керек.

Акыйкага союлган жандыктын этин садака кылса болот, же ал этти бышырып тууган-урук, кошуна-колоңдор жана жоро-жолдошторду чакырып меймандаса да болот. Же ал эттин бир бөлүгүн кийин өз үй-бүлөсү менен жегенге сактап койсо да болот.

## АКЫЙКА КЫЛУУНУН УБАКТЫСЫ

Наристе төрөлгөндөн кийин жетинчи күнү жандык союлуп акыйка кылынат. Эгерде жетинчи күнү соё албай калса, анда он төртүнчү күнү сойсо болот. А эгер он төртүнчү күнү да сойгонго үлгүрбөй калса, анда жыйырма биринчи күнү, анда да соё албай калса, анда мүмкүнчүлүк болгон күнү союп койсо жарай берет.

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

**«Акыйка кылууга даярдалган жандык – жетинчи күнү же он төртүнчү күнү же болбосо жыйырма биринчи күнү союлат».** [1]

1 ”Сахих ал-Жаамиъ”, Байхакий, 4132.

## АКЫЙКА КЫЛУУНУН СЫРЛАРЫ

Акыйка кылуу менен Аллах Таалага жакындайт. Ошондой эле Аллах жана Анын Элчисине баш ийген болот.

Адамдар унутуп бара жаткан Пайгамбарыбыздын сүннөтүн кайрадан жандандыруу.

Баланы күрөөдөн бошотуп алуу. Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айткан: **«Бала өз акыйкасына байланган. (Аны бошотуу үчүн) жетинчи күнү анын атынан жандык союлуп акыйка кылынат».**[1]

Садаканын сүннөткө ылайык түрдө кылынуусу. Акыйка кылып адамдарды коноктоо же аларга эт таратуу сүннөткө ылайык келген соопту иштерден.

Үй-бүлөгө, тууган-уруктарга жакшы маанай тартуулоо жана бей-бечараларга, муктаждарга ырайымдуулук көрсөтүү.

Акыйка кылуу менен Ислам дининин баалуулуктарын жайылтуу жана аны эл ичинде даңазалоо.

Коомчулукта ынтымактуулукту жана алар менен болгон жылуу мамилени күчөтүү. Анткени акыйка кылган адам менен акыйкага союлган малдын этин алган же сыйын көргөн адамдын ортосунда сөзсүз түрдө жакындык пайда болот.

* * *

1 Насаи, 4173.

# 5. НАРИСТЕНИН ЧАЧЫН АЛУУ

Пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам, бизди аткарууга кызыктырып кеткен иштердин бири – жаңы төрөлгөн наристенин чачын алуу. Пайгамбарыбыз бул ишти өзү ар дайым аткарган жана кылууга да үндөгөн. Ошондой эле чач алуу тууралуу келген хадистер да көп. Шариятыбыз кандай гана ишти кылууга буйрубасын, ал иште биз үчүн бул дүйнөдө да, акыретте да сөзсүз пайдасы бар. Анткени Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, өзү каалаган нерсени эле сүйлөй бербейт, ал Аллах тарабынан аян болуп буйрулган нерсени гана сүйлөйт. Төрөлгөн наристенин чачын алуу жөнүндө көптөгөн адамдар билишпейт. Ал эми билгендердин көпчүлүгү кош көңүл мамиле кылышат.

## ЧАЧ АЛУУНУН ӨКҮМҮ

Жаңы төрөлгөн наристенин чачын алып, ошол чачтын салмагындай күмүш садака кылуу сүннөт иштерден. Бул сүннөт ишти кылууда бала менен кыздын айырмасы жок, экөөнүн тең чачтарын кырып алуу шарт кылынат.

Абу Рафи, радыяллаху анху, риваят кылат:

**«Фатима, радыяллаху анха, баласы Хасанды төрөгөндө, Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, Фатимага: «Хасандын чачын алып, ошол чачынын салмагына барабар күмүштөн кедей-кембагалдарга садака кылгын»,– деп айткан».**[1]

1 Ахмад, 6/390, 392.

Баланын чачын алып, ал чачын таразага тартканда канча грамм чыкса, ошончо грамм күмүш садака кылыш керек. Мисалы, чачы үч грамм чыккан болсо, үч грамм күмүш садака кылат. Ал эми күмүш болбосо, анда үч грамм күмүштүн баасы канча болсо, ошончо акча садака берсе да болот. Ошондой эле чачты таразага тартпай эле болжол менен үч граммдан ашыгыраак күмүш же акчалай садака берсе да болот.

## ЧАЧ АЛУУНУН УБАКТЫСЫ

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, жаңы төрөлгөн баланын чачын жетинчи күнү алууга буйруган.

Самурат ибну Жундуб, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте, Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

**«Бала өз акыйкасына байланган. (Аны бошотуу үчүн) жетинчи күнү анын атынан жандык союлуп акыйка кылынат жана ага ат коюлуп, чачы алынат».** [1]

## ЧАЧ АЛУУНУН СЫРЛАРЫ

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, сүннөтүн аткаруу.

Жети күндүк баланын чачын алуу – анын чачы жакшы өсүшүнө жана кайраттуу болушуна себеп болот.

---

1 Насаи, 4173.

Наристенин башындагы клеткалар ачылат. Ал эми клеткалардын ачылышы – угуу, көрүү жана жыт билүү сезимдеринин жакшы өөрчүшүнө себеп болот.

Аллах Таалага сүйүктүү болгон садака берүү иши аткарылып, ошону менен бирге кедей-кембагалдарга кубаныч тартууланат.

* * *

# 6. СҮННӨТКӨ ОТУРГУЗУУ

Сүннөткө отургузуу – Ибрахим пайгамбардын убагынан бери келе жаткан диний жөрөлгөлөрдөн. Андан соң биздин шариятта да бекем тастыкталып келген. Мына ошондуктан Ислам дининде уул баланы өз убагында сүннөткө отургузуу ата-эненин милдеттеринен.

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

**«Фитратка байланыштуу беш сүннөт бар. Алар: сүннөткө отургузуу, авраттагы түктөрдү кыруу, тырмакты алуу, колтуктагы түктөрдү жулуу жана мурутту кыскартуу».** [1]

Бул хадистен бизге белгилүү болгондой, адамдын денеси дайым таза болуш үчүн беш нерсени аткаруусу зарыл. Алардын биринчиси – уул баланы сүннөткө отургузуу. Эгерде уул бала сүннөткө отургузулбаса, анда ал заара кылганда жыныстык мүчөсүндө нажас туруп калат. Ошонун натыйжасында микробдор пайда болуп, көптөгөн ооруларга себеп болот. Ошондуктан Ислам дини эзелтеден эле ар түрдүү ооруларды алдын алып, сүннөткө отургузууга буйруган.

1 Сахих Муслим, 597.

## СҮННӨТКӨ ОТУРГУЗУУНУН ӨКҮМҮ ЖАНА УБАКТЫСЫ

Ислам addininde уул баланы сүннөткө отургузуунун өкүмү – сүннөт.

Жабир ибну Абдуллах, радыяллаху анху, айтат: **«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, неберелери Хасан жана Хусейндин жети күндүк кездеринде акыйкаларын кылган жана ал экөөнү сүннөткө отургузган».**[1]

Абдуллах ибну Аббас, радыяллаху анху, айтат: **«Наристенин жети күндүк кезинде жети нерсени аткаруу сүннөт иштерден. Алар: ага ат коюлат, сүннөткө отургузулат, акыйкасы берилет, чачы алынат…».**[2]

Жогорку эки хадисте баяндалгандай, Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, наристени жети күндүк кезинде сүннөткө отургузуу керек экендигин көрсөткөн. Анткени ошол убакыт баланы сүннөткө отургузууга өтө ыңгайлуу. Ал убакта ымыркай ооруну көп сезбейт жана жараты да тез айыгат. Бирок сүннөткө отургузуудан алдын ата-эне баланын ден-соолугун сөзсүз эске алышы зарыл. Ошондуктан ата-эне жетинчи күнү сүннөткө отургузууну каала,са, анда сөзсүз врачтар менен кеңешүүсү керек. Эгерде врачтар жетинчи күнү сүннөткө отургузуу балага зыяны тийбейт дешсе, анда сүннөткө отургузуу жакшы. Бирок бала жетинчи күнү алсыз болуп, аны сүннөткө отургузуу ден-соо-

1 Байхаки “Сунан аль-кубро”, 8/324.

2 Табарани “аль-Аусат”, 1/176.

лугуна коркунуч жаратат дешсе, анда аны жетинчи күнү сүннөткө отургузуу кескин түрдө тыюу салынат. Азыркы кезде врачтар балдарды сүннөткө отургузуунун эң ыңгайлуу убагы 3-4 жаш деп айтышат. Эгерде ар түрдүү себептерден улам бала 3-4 жашында сүннөткө отургузулбай калса, анда аны сөзсүз жети жашка чейин сүннөткө отургузуу керек. Себеби шариятта бала жети жашка толгондо намаз окууга буйрулат. Эгерде ошол убакта сүннөткө отургузулбай, ошонун себебинен жыныстык мүчөсү нажастардан таза болбосо, анда намаздын шарттарынын бири аткарылбай калат. Анткени намаз окуган адамдын денеси жана кийими нажастардан таза болуусу шарт.

## СҮННӨТКӨ ОТУРГУЗУУНУН СЫРЛАРЫ

Баланы сүннөткө отургузуу – Аллахка жана Анын Элчисине баш ийүү.

Пайгамбарлардын атасы болгон Ибрахим пайгамбардын сүннөтүн аткаруу.

Мусулман эркекти башка диндеги эркектерден айырмалап турган белги.

Баланын ден-соолугуна кам көрүү. Себеби сүннөткө отургузуу менен гигиена сакталат жана көптөгөн оорулардан сак болот.

* * *

# 3-БӨЛҮМ

## БАЛА ТАРБИЯЛООДО АТА-ЭНЕНИН МИЛДЕТТЕРИ

# 1. АТА-ЭНЕНИН ӨЗ БАЛДАРЫНА БОЛГОН МИЛДЕТТЕРИ

Ислам дини милдеттендирген жана адамдардын көңүлүн бурган эң орчундуу жана абдан маанилүү милдеттердин бири – ата-эненин балага тарбия берүү жоопкерчилиги. Бул жоопкерчилик ата-энелерге, мугалимдерге жана таалим-тарбия берүүгө милдеттүү болгон бардык адамдарга тиешелүү.

Жашоодо балага туура жана татыктуу таалим-тарбия берүүнүн негизги этабы – бала төрөлгөн күндөн башталып, чындык менен жалганды ажыратып калганга чейинки этап. Мына ошондуктан бул жоопкерчилик ата-энелер үчүн эң бир татаал иштерден. Анткени бул милдетти аткаруу үчүн чыдамкайлык, туруктуулук, сабырдуулук жана эң башкысы тынымсыз мээнет талап кылынат.

Эгерде ата-эне өзүнө жүктөлгөн бул аманатты шарият талап кылгандай аткарса, анда алар баланын жакшы сапаттарга ээ болуусуна жана туура багытталуусуна шарт түзгөн болот. Ошону менен бирге бактылуу үй-бүлө жана үлгүлүү коомдун түзүлүшүнө чоң салым кошкон болот. Бул да болсо шариятыбыз буйруган иштерден.

Аллах Таала ыйык Куранда ата-энелерди өз жоопкерчиликтерин толук аткарууга буйруган. Ошондой эле баланын тарбиясына кош көңүл мамиле жасап, өз милдеттерин аткарбаган ата-энелерди эскерткен аяттар келген. Мына ошол аяттардын биринде, Аллах Таала мындай деп айтат:

**«Эй, ыйман келтиргендер! Өзүңөрдү жана үй-бүлөңөрдү тозок отунан сактап калгыла!»** [1]

Бул аятты окуган ар бир адам өз үй-бүлөсүнүн алдындагы жоопкерчилиги кандай экенин билиши керек. Анткени адам бул дүйнөдө аялы, балдары үчүн кандай жоопкер болсо, Акыретте алар үчүн андан да катуу суракка алынат. Ошондуктан ар бир ата-эне балага туура тарбия берүүгө өзгөчө маани берүүсү зарыл. Себеби туура тарбия көргөн бала эч качан жаман жолго барбайт. А эгер баланын тарбиясына талаптагыдай кам көрүлбөсө, анда бала бул жашоодо өз багытын жоготуп, ар кандай жаман жолдорго түшүүшүнө себеп болот.

Башка бир аятта:

**«Үй-бүлөңдү намазга буйру жана өзүң да ага сабырдуу бол!»** [2]

Пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа салламдын, сүннөтүндө ата-энелерди балдарына карата өз милдеттерин татыктуу аткарууга үндөгөн кээ бир хадистер:

Пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деген:

**«Атадан балага калган эң жакшы белек, ага жакшы тарбия бергени».** [3]

Дагы бир хадисинде Пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам, айтат:

---

1 Тахрим сүрөөсү, 6-аят.

2 Тааха сүрөөсү, 132-аят.

3 Тирмизи, 10/364.

**«Силер ар бириңер жоопкерсиңер жана ар бириңер өз милдетиңер үчүн сураласыңар. Эл башында турган башчы да жоопкер жана ал өз милдеттери үчүн суралат. Эркек да өз үй-бүлөсү үчүн жоопкер жана ал өз милдеттери үчүн суралат. Ошондой эле аял да күйөөсүнүн үйү жана балдары үчүн жоопкер жана ал дагы өз милдеттери үчүн суралат».** [1]

Башка хадисте Пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам, айтат::

**«Кимде-ким үч кызды жакшы тарбиялап чоңойтсо, жана аларды (жакшы жерге) турмушка берип, аларга жакшылык кылса, анда ага Бейиш болот».** [2]

* * *

1 Сахих Муслим, 1829.

2 Абу Дауд, 5147.

## 2. БАЛДАРГА ҮЛГҮЛҮҮ АТА-ЭНЕ БОЛУУ

Бала тарбиялоо кээ бир ата-энелер ойлогондой оңой-олтоң иштерден эмес. Тескерисинче, бала тарбиялоодо ата-энелерден тынымсыз мээнет жана сабырдуулук талап кылынат. Баланын адептүү же адепсиз болуп чоңоюусуна ата-эненин тийгизген таасири чоң.

Эгерде ата-эне ыймандуу болсо, анда балдары алардын айтканына бат көнөт жана буйруган иштерин ойдогудай аткарышат. Ал эми ата-эне ыймансыз болсо, анда балдарына тарбия берүүдө көптөгөн кыйынчылыктар жаралат. Ошондуктан балдар жакшы тарбияда өсүп чоңоюусу үчүн ата-эне аларга жакшы үлгү болуулары зарыл.

Ата-эне өз балдарына жакшы үлгү болуусу, бала тарбиялоодо эң зарыл жана таасирдүү жолдордун бири. Ал эми аларга үлгү болуу үчүн эң биринчи кезекте ата-эне сүйлөгөн сөздөрү, кылган иш-аракеттери жана кулк-мүнөзү менен мисал болуусу керек.

Ислам дини Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, үлгүлүү насааттарын алууга жана аны үлгү тутууга үндөйт. Аллах Таала айтты:

**«Аллахты көп эстеп, ошондой эле Аллахтан жана акырет күнүн үмүт кылган адамдар үчүн Аллахтын Элчисинде эң жакшы үлгүлөр бар».**[1]

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, Кыя-

1 Ахзаб сүрөөсү, 21-аят.

матка чейинки мусулман үммөтү үчүн бардык нерселерде эң жакшы үлгү. Ошондуктан ар бир ата-эне Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламды, үлгү тутуп жана ошонун негизинде балдарын тарбиялаган болсо, анда ал ата-эне эки дүйнөдө тең бактылуу адамдардан болот.

Ал эми ата-эне өзү бузуку болуп туруп балдарын эч качан жакшы жакка тарбиялай албайт. Мисалга алып айтсак, атасы өзү намаз окубайт, арак ичет, тамеки тартат, эми ушундай жаман нерселерди өзү кылып туруп, баласына намаз оку, арак ичпе, тамеки тартпа деп айткан насааттарын баласы кантип кабыл алсын? Албетте кабыл албайт! Ошондой эле энеси дагы намаз окубаса, шарият көрсөткөндөй кийинбесе, анан кантип бул эне өз кызына: "жоолук салын, намаз оку" – деп насаат айта алат? Бул насааттар эч качан таасир бербейт. Анткени ата-эне кулк-мүнөздүү болсо, балдары да кулк-мүнөздүү, жакшы болот. Ал эми ата-эне мүнөзү жаман болсо, балдары да мүнөзү жаман болот.

Эгерде ата-энелер үйдө балдарына үлгү болсо, мугалимдер окуучуларына үлгү болсо, ошондой эле башчылар кол астындагыларга үлгү болсо, ошондо гана коом жакшы жакка өзгөрөт.

Салих адамдардын бири Амр ибну Утба баласынын устазына мындай деп айткан экен:

**«Менин баламды жакшы жакка өзгөртүштөн мурун, өзүң жакшы жакка өзгөр. Анткени алардын көздөрү сени гана тиктейт. Сен кылган ишти алар туура, жакшы деп ойлошот, ал эми сен кылбаган иштерди алар жаман деп**

**ойлошот. Аллах Тааланын китеби болгон Куранды үйрөт жана Куранды үйрөткөндө аларды ашыкча кыйнаба. Эгерде кыйнай турган болсоң, бул аларды тажатып жиберет. Аларды Куранга өз алдынча таштап койбо, алар башка нерсеге алаксып аны таштап коюшат. Хадистердин арасынан улуу хадистерден айтып бер. Адамдарды намыска, абийирдүүлүккө үйрөткөн ыр саптарын окуп бер. Даанышман аалымдардын өмүр таржымалдарын жана алардын үлгүлүү окуяларынан айтып бер. Сен аларга оорусун билбей туруп, дарылаганга шашылган дарыгер сыяктуу болбо».**[1]

* * *

1 Акду аль-Фарийд: ибну Абду Роббуху, 2/436. Уюну аль-Ахбар, 2/166.

# 3. БАЛДАРГА МЭЭРИМДҮҮ БОЛУУ

Балдар жашоодо муктаж жана алсыз жан экени белгилүү. Алар өз алдынча кыйынчылыктарын чечип, өздөрүнүн муктаждыктарын өтөй алышпайт. Балдардын муктаждыктары материалдык нерселер менен гана чектелип калбай, аны менен катар руханий жактан дем берүүгө да көбүрөөк муктаж болушат. Ислам дини ата-энелерди өз балдарын физикалык, материалдык бардык муктаждыктарын өтөөлөрүн буйругандай эле, аларга руханий жактан да шыктандырып, мээрим төгүп, өтө аяр мамиле кылууларын да буйруйт. Анткени бала мээримге өтө муктаж болот. Мээримдүүлүк – баланын жашоосу талаптагыдай уланууcу үчүн эң зарыл нерселерден. Анын деми менен бала жашоодо тынчтык менен сабырдуулукка жетет. Балага мээримдүү болуу анын психикасына, ой жүгүртүүсүнө, өзүнө болгон ишенимдүүлүгүнө, ата-энесине деген ишенимине, жада калса физикалык жактан өсүүсүнө да тийгизген таасири чоң. Ал эми балага карата болгон мээримдүүлүк жана психикалык тынчтыктын жоктугу – баланын өзүнө жана башкаларга болгон ишенбестиктин, физикалык жана психикалык оорулардын пайда болуусуна себеп болот.

Мээримдүүлүккө байланыштуу Аллах Таала Куранда мындай дейт:

**«(Эй, Мухаммад!) Аллахтын ырайымы менен сен сахабаларыңа жумшак мамиле кылгын. Эгерде сен орой, ташбоор болгонуңда, алар сенин айланаңдан тарап кетишмек».** [1]

1 Аалу Имран, 159-аят.

Бул аятта Аллах Таала өз пайгамбарын адамдарга мээримдүү болууга буйруду. Курандан таалим алган Пайгамбарыбыз ушул мээримдүүлүк аркылуу айланасындагыларды өзүнө тартып, алардын жүрөктөрүнөн орун алган. Пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам, өз балдарына, неберелерине, сахабаларынын балдарына, жада калса мусулман эмес балдарга да мээримдүү болгон. Ал баарына бирдей мээримдүү, жылуу мамиле кылгандыктан, аны менен сүйлөшкөн ар бир адам өзүн "Пайгамбардын эң жакшы көргөн адамы мен болсом керек" деген ойдо калышкан. Ошону менен бирге ал башкаларды да мээримдүү болууга үндөгөн.

Бир хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айткан:

**«Жаш балдарга мээримдүүлүк кылбаган жана улууларга урмат көрсөтпөгөн адам бизден эмес!»** [1]

Мээримдүү болуунун балага тийгизген таасири жана пайдалары көп. Мына ошол пайдалардан, ата-энеден мээримдүүлүктү көргөн бала жашоодо өз ордун табат жана өзүнүн кадырын билет жана ата-энесинин алдында чоң орунга ээ экенин сезет. А эгер ал мээрим көрбөгөн болсо, анда ал өзүн керексиз сезип, өзүнө болгон ишенимин жоготот. Дагы пайдаларынан, бала кимден мээрим көрсө, ошол адамды өзгөчө жакшы көрөт. Ар дайым аны издеп турат. Аны капа кылбай, мээриминен ажырап калбоо үчүн анын айткандарын аткарууга ты-

1 Абу Дауд, 5202.

рышат. Мына ошондуктан ата-эне балага мээримдүү болууга өзгөчө маани берүүлөрү зарыл.

Мээримдүүлүк балага тил аркылуу жеткизилгени да абзел. Анткени тил – адамдын жүрөгүндөгү нерсени ачыктай турган курал. Балдарга тил менен жагымдуу, жылуу сөздөрдү айтып эркелетүү балага өтө таасирлүү болот. Али, радыяллаху анху, өзүнүн баласы Хусейнге жүрөгүндөгү сезимдерин төмөндөгүчө жеткизген: **“Сен менин бир бөлүгүм экениңди сездим. Жана сен менин жаным менен денем экениңди билдим. Эгерде сага жамандык жетсе, мага тийген болот. Эгер сага ажал жетсе, мага келип, менин жанымды сууругандай болот”** деп баласына сөзү менен руханий дем берет эле.

Балдар менен ойноо да мээримди билдирген жакшы ыкмалардан болуп эсептелет. Балдар ойногонду жакшы көрүшөт. Эгерде бир адам ал менен ойносо, бала ал адам мени жакшы көрөт деп түшүнөт. Кээ бир адамдардын бул нерсеге моюндары жар бербейт. Бирок бул нерсенин эч кандай айыбы жок. Тескерисинче, Пайгамбарыбыз да балдар менен ойногондугу тууралуу хадистер келген.

Балдарга мээрим төгүүнүн дагы бир ыкмаларынан – ар дайым алардын баштарынан сылап, маңдайынан өбүп туруу да жакшы натыйжа берет. Мындай кылуу балага кубаныч тартуулап, анын рухун көтөрөт.

Күндөрдүн биринде Пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам, небереси Хусейнди өөп жатканын көргөн Акра ибну Хабис деген сахаба: «Сиз дагы балдарды өбөсүзбү? Менин он балам бар, эч

бирин өпкөн эмесмин" – дейт. Ошондо Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, ага карап: **"Мээримдүүлүк кылбаган адам (башкалардан да) мээрим көрбөйт»** – деп айткан.[1]

Кээде балдар балалык кылып ката кетиришет. Мына ушундай болгон кезде аларды дароо урушууга шашпай, эң алгач аны угууга аракет кылуу зарыл. Бирок тилекке каршы көпчүлүк ата-энелер баланы ката кетирүүгө түрткөн себептерди аныктоого аракет кылышпайт. Андайлар баладан чоңдордой ой жүгүртүүсүн күтөт. Каталык кылса дароо урушуп, аны жазалап киришет. Ал эми бала ар бир нерсени туура түшүнө бербейт. Көбүнчө кылган ишинин каталыгын билбегендиктен, ата-энесинин же улуулардын эмне үчүн урушканын, же жазалаганын түшүнбөй кала берет. Ошентип бала, улуулар мага жамандык жасады же ата-энем мени жакшы көрбөйт деген ойдо калат. Мына ошондуктан баланын ички дүйнөсү менен сырдашпастан, анын оюн билбестен, жасаган ишинин ката экенин түшүндүрбөстөн, аны урушуп жазалоо туура эмес. Бул нерсеге ар бир ата-эне көңүл буруугa тийиш. Мындай абалда баланы урушуп-кагып, аны жазалаганга караганда, балага жылуу мамиле жасап, башынан сылап, кылган ишинин ката экенин түшүндүрүп коюу ага көбүрөөк таасир берет. Мындай мээрим көргөн бала ошол катасын кийин кайталабоого аракет жасайт.

* * *

1 Сахих Бухари, 5997.

# 4. БАЛДАРГА АДИЛЕТТҮҮ БОЛУУ

Ата-энеге камкордук кылуу жана алар менен ар дайым эң жакшы мамиледе болуу ар бир мусулманга милдет болгондой эле, ата-эненин да мойнуна жүктөлгөн өз балдарынын алдындагы милдеттери бар. Ал милдеттер: Балдарынын ортосунда адилеттүүлүк кылуу, алардын баарысына бирдей мамиле кылуу, аларды камсыздоо жана татыктуу тарбия берүү.

Аллах Таала ыйык Куранда айткан:

**«Адилеттүү болгула! Адилеттүүлүк – такыбалыкка жакыныраак. Аллахтан корккула! Акыйкатта, Аллах – силердин эмне иш кылып жатканыңардан Кабардар».** [1]

Аллах Таала бул аятта бардык адамдарды адилеттүү болууга буйруду. Ошондуктан адамдар жашоосунда бардык иштеринде адилеттүү болууга аракет кылуулары зарыл. Куранда айтылган адилеттүүлүк сөзү – акыйкатты жактоо, ортолукту кармануу, ар кимдин акысын өзүнө берүү ж.б.у.с. маанилерди өз ичине камтыйт. Андыктан адам бардык адамдардын арасында адилеттүү болуп, баарысына тең болууга милдеттүү. Ошондуктан ата-эне да балдарына адилеттүү болууга өзгөчө көңүл буруулары шарт. Балдарына кийим-кечек алып берүүдө жана белек-бечкектерди алып берүүдө баарына тең болуусу зарыл. Жада калса, жылуу жүз менен

1 Маида сүрөөсү, 8-аят.

караганда да бирин экинчисинен артык көрбөөсү керек. Ошондой эле балдарды жакшы көрүүдө да бирөөсүн экинчисинен артык көрүп жакшы көрүү да туура эмес. Бул тууралуу «Сахих Бухариде» мындай хадис келет. Нуман ибну Башир, радыяллаху анху, айтат:

**«Атам мени көтөрүп алып Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламга, алып барды. Ошондо атам: «Оо, Аллахтын Элчиси! Күбө болуңуз, мен балам Нууманга мүлкүмдүн ушунчасын белек кылып бердим» – деди. Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, Атамдан: «Сен балдарыңдын баарысына тең Нуманга бергендей белектерди бердиңби?» – деп сураганда, атам: «Жок, баарына бербедим» – деп жооп берди. Ошондо Аллахтын Элчиси атама: «Анда бул кылганыңа менден башканы күбө кыл!» – деди да, андан кийин: «Балдарыңдын баары сага бирдей камкордук кылууларын каалайсыңбы?» – деп сурады. Атам: «Ооба, каалаймын» – деди. Аллахтын Элчиси: «Андай болсо, сен да балдарыңа бирдей болгун» – деди.**[1]

Демек, хадистен маалым болгондой ар бир ата-эне балдарына бардык нерседе адилеттүү болуп, бирдей кароосу керек. Кызынан баласын, чоңунан кичүүсүн артык көрүп, айырмалабаш керек. Себеби андай адилетсиздик кылуунун акыр-аягы өкүнүчкө алып барышы мүмкүн. Балдардын арасында адилетсиздик кылуу алардын бири-бирин жек кө-

1 Сахих Муслим, 1623.

рүүсүнө, ортолорунда кызганыч жана душмандыктын пайда болушуна себеп болот. Кээде кызганычтан улам душмандык күчөп, ал нерсе бири бирин өлтүргөнгө чейин алып барат. Мындай каргашалуу окуяларды азыркы күндө көп эле кездештирүүгө болот.

Кээ бир ата-энелер адилетсиздикти билбей ага маани бербей кылса, кээ бирлери атайын кылышат. "Сенин колуңдан эч нерсе келбейт, сага караганда агаң жакшы" деген сыяктуу сөздөрдү айтып баланын аракетин күчөтөбүз деп ойлошот. Бирок мындай кылуунун баары катачылык. Анткени мындай сөздөрдү уга берген баланын жүрөгүндө бир тууганына болгон жек көрүү, көрө албастык, кызганычтын пайда болушуна себеп болот.

Ата-эне балдарынын кээ бирлерин башкаларынан артык көрүүсү ар кандай себептерден улам болот. Алар:

**1. Кээ бир адамдар уул балдарын кыздарына караганда же кыздарын уул балдарына караганда артык көргөндүгүнүн себебинен адилетсиздик көп болот. Эгерде ата-эне уул төрөлүшүн күтүп жүрүп, анын ордуна кыз төрөлүп калса, кыз төрөлгөнүнө ыраазы болбой өз кызына жаман мамиле жасашат. Ошондой эле кыз төрөлүшүн күтүп жүрүп, анын ордуна уул төрөлүп калса да баласына мээрим төкпөй адилетсиздик кылат. Же болбосо кээ бир үй-бүлөлөрдө катар-катар кыздар төрөлүп, кийин уул төрөлсө, балага көбүрөөк көңүл бурулуп калат. "Жалгыз уулум" деп аны жакшы көрүп өзгөчө мамиле кылат. Ошентип кыздарына алып бербеген кийим-ке-**

чектерди, белек-бечкектерди алып берет. Мындай адилетсиздик кылуу шариятыбызда тыюу салынган иштерден.

2. Баланын оорукчан төрөлүп калуусу. Бала оорукчан төрөлсө, мисалы, кебетеси суук же көзү азиз болгон ж.б.у.с. Мындай балага башка балдарынан караганда азыраак көңүл бөлүнөт. Адамдардын баардыгы Аллах каалаган келбетте гана жаралат. Ар бир нерсе Аллахтын каалоосу менен гана болгондон кийин эч бир ата-эне адамдын колунан келбеген нерсе үчүн баланы жазалабоосу керек.

Кээ бир учурларда кайсы бир балага бир аз көбүрөөк көңүл буруу керек болуп калат. Ошол зарыл учурда балдардын арасынан кээ бирине өзгөчө көңүл бурууда шарият тыйбайт. Мисалы, бала ооруп калса же башына түйшүк түшүп кыйналып жатса ж.б. ушул сыяктуу учурларда балага башка бир тугандарынан караганда көбүрөөк көңүл бурулса күнөө болбойт.

* * *

# 4-БӨЛҮМ

## БАЛАГА ТАРБИЯ БЕРҮҮДӨГҮ НЕГИЗГИ МИЛДЕТТЕР

# 1. БАЛДАРДЫ ЫЙМАНДУУЛУККА ТАРБИЯЛОО

## БАЛАГА КҮБӨЛҮК КЕЛМЕСИН ҮЙРӨТҮҮ

Ар бир ата-эне балдарына Аллахты жалгыздоо келмесин үйрөтүшү керек. Анткени келме – адамды мусулман экенин тастыктай турган эң негизги белгилерден.

Баланын кулагына эң алгач азанды угузуу кандай чоң мааниге ээ болсо, анын тили чыккандан баштап Аллахты жалгыздоо келмесин айттыруу дагы ошондой мааниге ээ.

Имам ибну Каййим, рахимахуллах, "Тухфату ал-Маудуд" деген китебинде мындай деп айткан:

**"Качан бала сүйлөй баштаганда, ага - "Аллахтан башка сыйынууга татыктуу Кудай жок жана Мухаммад – Анын Элчиси" - деп айттыргыла. Ошондой эле балага эң алгач Аллахты таанытткан, Аллах адамдарды көзөмөлдөп турганын жана алардын ар бир сүйлөгөн сөзүн угуп, алар кайсыл жерде болбосун, Аллах алар менен бирге экенин кулактарына сиңиргиле".** [1]

Аалымдын сөзүнөн маалым болгондой, ар бир ата-эне өз баласына Аллахты таанытып, алардын жаштарына жана түшүнүк деңгээлдерине карата Аллахка ыйман келтирүүнү үйрөтүүлөрү керек. Анткени бала ата-энесинин берген таалим-тарбия-

1 Тухфату аль-Маудуд, 231-бет.

сы менен чоңоёт. Бул нерсени тастыктаган Пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа салламдан, хадис келген:

**“Ар бир бала таза табиятта төрөлөт. Кийин баланын ата-энеси аны яхудий кылат же христиан кылат же мажуси[1] кылат”.** [2]

## БАЛАНЫН ЖҮРӨГҮНДӨ АЛЛАХКА БОЛГОН СҮЙҮҮНҮ ПАЙДА КЫЛУУ

Баланын кичинекей кезинде эске тутуу, бир нерсени бат кабыл алуу жана жакшы көрүү сезимдери мыкты өрчүгөн. Ошондуктан жаш баланы кичинекей кезинен эле Аллах Таалага болгон сүйүүнү жүрөгүндө пайда кылууга аракет кылуу зарыл.

Балдардын табияты ушундай, аларга ким жакшылык кылса, ошону шыр эле жакшы көрүп калышат. Ал эми ошол балдарга Жаратуучу Аллах, ырыскы берүүчү Аллах жана тамактандырып, суусундукту кандырып жаткан жалгыз Аллах Таала экенин үйрөтсөк, анда алардын Аллах Таалага болгон сүйүүлөрү ого бетер күчөйт. Ошол эле учурда алардын жан дүйнөсүндө Аллах Таала бардык айыпкемчиликтерден Аруу жана Анын эч кандай шериги жок деген ишенимди да пайда кылуу керек.

## АЛЛАХ ТААЛАНЫН КӨЗӨМӨЛДӨӨСҮ

Эгерде жаш баланын жүрөгүндө Аллах Жаратуучу, Анын шериги жок жана Ал бардык нерселер-

1 Отко сыйынгандар.

2 Сахих Бухари, 1358.

ди Көзөмөлдөөчү деген ишеним орносо, анда ал бала Аллахка моюн сунганды жаштайынан эле үйрөнө баштайт.

Ата-эне, балдарга Аллах Угуучу, Көрүүчү, жана Ал жашыруун нерсени да, ачык нерсени да билүүчү деп Аллах Тааланын ысым-сыпаттарын айтып бериш керек. Бул нерселер төмөндөгү аяттарды түшүндүрүп берүү же жаттатуу менен бирге болот. Аллах Таала айтты:

**«Ал – кайыпты да, көрүнгөндү да Билүүчү, Эбегейсиз, Улуу Зат. Силер сөзүңөрдү жашырасыңарбы же ачык айтасыңарбы, ошондой эле түндөсү бекинип жаткан менен, күндүзү басып жүргөндүн, Аллахка баары бирдей белгилүү».** [1]

Лукман даанышман баласына мындай деп насаат айткан: **"Оо, балам! Эгерде күнөө иш кылгың келсе, анда Аллах Таала көрбөй турган жерге барып кылгын".**

Бул даанышмандын айткан сөзүнүн сыры – Аллах Таалага жашыруун болуп кала турган эч бир жер жок. Ошондуктан күнөө кылуу мүмкүн эмес.

## ЖАЛГЫЗ АЛЛАХТАН ГАНА ЖАРДАМ СУРОО ЖАНА АГА ГАНА ТАЯНУУ

Ибну Аббас, радыялаху анху, ривыят кылат: Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, бир күнү мага:

**"Эй, бала! Мен сага ушундай сөздөрдү үйрөтөм,**

1 Раад сүрөөсү, 9-10 – аяттар.

**Аллахтын (шариятын) сактасаң, Аллах сени сактайт. Аллахты (дайыма) эске тут, ошондо Аны сен тарапка бет алган абалда табасың. Эгерде сурай турган болсоң, анда Аллахтан сура. А эгер жардам тилей турган болсоң, анда Аллахтан жардам тиле. Билгиниң! Эгерде бүткүл үммөт сага пайда берүү үчүн бириксе да, алар сага Аллах тагдырыңа жазганчалык гана пайда бере алышат. Ошондой эле үммөттүн баарысы сага зыян берүү үчүн бириксе, алар сага Аллах тагдырыңа жазганчалык гана зыян бере алышат. Калемдер көтөрүлгөн, барактар кургаган" – деп айтты.** [1]

Тагдырыбызга жазыла турган нерселер баары жазылып бүткөн. Аны таптакыр өзгөртүү мүмкүн эмес.

Бул хадистин түпкү маанисин жакшы түшүнгөн бала, жашоосундагы кыйынчылыктарды оңой жеңет. Анткени ар бир балага бул жашоодо түркүн-түрдүү кыйынчылыктар кездешет. Ал кыйынчылыктар баланын жеке жан дүйнөсүндө же кандайдыр бир материалдык каражаттын жетишпестигинен улам пайда болот. Мына ушундай сыноолорго Аллах Таалага толук таянган жана жашоодо болгон жакшылык да, жамандык да тагдырдан деп ыйман келтирген бала гана туруштук бере алат.

1 Тирмизи, 2385.

## АЛЛАХ ТААЛАГА БОЛГОН СҮЙҮҮНҮН ПАЙДАЛАРЫ

Аллах Тааланы сүйгөн бала:

Жалгыз Аллахтан үмүт кылып Ага гана таянат.

Жалгыз Аллахтан гана коркуп Ага гана сыйынат.

Жашоодогу жакшылык да, жамандык да тагдырдан деп ыйман келтирет.

Ар дайым Аллах жөнүндө жакшы ойдо болот.

Аллахтын сөзү болгон ыйык Куранды жана Анын шариятын сүйөт.

Эң негизгиси, ыймандуу жана адеп-ахлактуу балдардан болуп чоңоёт.

* * *

# 2. БАЛАНЫ ПАЙГАМБАРДЫ СҮЙҮҮГӨ ТАРБИЯЛОО

Ал эми ыймандуулуктун эң негизги түркүгү – Аллахка жана Анын Элчисине болгон сүйүү.

Анас ибну Малик, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

**«Эгер кимде бул үч нерсе болсо, анда ал ыймандын даамын татат: Аллах жана Анын Элчиси башкаларга караганда эң сүйүктүү болуусу. Эгер бир адамды жакшы көрсө, анда аны Аллах үчүн гана жакшы көрүүсү. Ошондой эле Аллах Таала аны каапырлыктан куткаргандан кийин каапырлыкка кайра кайтууну тозокко түшүүнү жек көргөндөй жек көрүүсү».**[1]

Демек, балдарды ыймандуулукка тарбиялоо үчүн эң биринчи кезекте, алардын жүрөгүнө Аллахка болгон сүйүүнү орнотуу зарыл. Анткени Аллахты сүйбөгөн адамдын ыйманы эч качан толук болбойт. Адам Аллахты сүйүү менен Анын бейишин үмүт кылып жана Андан коркуу менен тозок отунан сактанганда гана ыйманы толук болот.

Балдардын жүрөгүнө Аллахка болгон сүйүүнү орнотуудан кийинки эле кезекте, аларды Пайгамбарды сүйүүгө тарбиялоо керек. Анткени Пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам, – адамзатка жиберилген Аллахтын Элчиси жана Пайгамбары.

1 Сахих Бухари, 16.

Ал адамзатты караңгылыктан жарык нурга чыгарган жана зулумдуктан адилеттүүлүккө чакырган.

Жер бетинде адилеттүүлүк менен өкүм жүргүзүлүп, адамзат бул дүйнөдө да, акыретте да бактылуу болуусу үчүн Ислам динин жеткирген.

Башка бир хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айткан:

**«Мен силерге атаңардан да, балдарыңардан да сүйүктүү болмоюнча ыйманыңар толук болбойт…».** [1]

Эгер мусулмандар өз балдарын Пайгамбарды сүйүүгө тарбиялабаса жана сүннөттүн негизинде чоңоюусуна шарт түзүп бербесе, анда балдар туш келди адамдан үлгү алып, чаржайыт тарбиялануусуна жол ачылат. Анткени адам баласы бирөөнү ээрчип чоңоюусу табигый көрүнүш. Күнүгө көрүп жаткан футбол оюнчулары болсун, ырчылар же бийчилер болсун, баланын ыймандуу болуп чоңоюусуна терс таасирин тийгизет. Денесин ачып элдин алдында бийлеген аялдарды көрүп өскөн баланын уяты жана намысы кетет. Арак ичип, тамеки чегип, бирөөнүн мал-мүлкүн уурдап жүргөн адамдарды көрүп өскөн бала да эртеңки күнү ошолордун жолун жолдойт.

Ата-эне бул көйгөйдү алдын алыш үчүн биринчиден, өздөрү Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, сүннөтүнүн негизинде жашоолору зарыл. Андан кийин балдарына үйрөтүп, аларды Пайгамбарды сүйүүгө тарбиялоолору керек. Се-

1 Сахих Бухари, 15.

беби адам бирөөнү жакшы көрсө, анын айтканын аткарат, тыйганын таштайт. Ошондой эле жакшы көргөн адамы сүйлөгөнүндөй сүйлөйт, кылган ишин ал кылгандай кылат. Жадагалса, ал кийингендей кийине баштайт.

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мусулмандарды жакшылыкка буйруп, жамандыктан тыйган жана Аллах Таалага ибадат кылууга буйруган. Ажал алдында турса да чындык сөздү айтууга чакырган. Улууга урмат, кичүүгө ызаат кылууну үйрөткөн. Ата-энени сыйлап, жадагалса аларга **“Уфф!”** деп айтуудан да тыйган. Зына кылып, ойноштук кылуудан кайтарган. Бирөөнүн мал-мүлкүн арам жол менен жештен жана уурулук кылуудан тыйган.

Аллах Таала ыйык Куранда Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, кайрылып айтат:

**«Айткын: «Эгер Аллахты сүйсөңөр, анда мени ээрчигиле. Ошондо Аллах силерди сүйөт жана күнөөңөрдү кечирет. Аллах – Кечиримдүү, Мээримдүү».** [1]

Балдарды Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламды, сүйүүгө тарбиялоонун жолдору көп. Алар:

- Пайгамбарыбыздын өмүр баянын айтып берүү.

- Пайгамбарыбыздын хадистеринен жаттатуу.

- Анын мужизаларын айтып берип түшүндүрүү.

- Пайгамбарыбыздын адеп-ахлагын, кулк-мүнөзүн баяндап берүү.

1 Аалу Имран сүрөөсү, 31-аят.

- Пайгамбарыбыздын өз үй-бүлөсү жана сахабалары менен болгон мамилесин айтып берүү. Кандай гана орой адам болбосун, аны менен сылык мамиле кылганын жана кедей-кембагал, жетим-жесирлерге кандай деңгээлде кам көргөнүн айтып берүү.

- Пайгамбарыбыздын үммөтүнө болгон сүйүүсүн баяндап берүү.

- Баланы Пайгамбарыбызды сүйүүгө тарбиялай турган эң негизги жол – ата-эне Пайгамбардын сүннөтүнө амал кылып, ал буйруган иштерди аткарып, ал тыйган иштерди таштап, анын кулк-мүнөзүндөй кулк-мүнөздүү болуп, балага үлгү болуусу. Балага: "Мечитке бар! Намаз оку! Калп айтпа! Арак ичпе! Тамеки чекпе!" деп куру сөз айтпай, ата-эне эң биринчи ошол иштерди өзү кылуусу менен балага үлгү болуусу керек.

Баланы Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламды, сүйүүгө тарбиялоодон кийин эле анын сахабаларын, табийиндерди, таба-табийиндерди жана алардын мураскорлору болгон аалымдарды сүйүүгө тарбиялоо зары

* * *

# 3. БАЛАГА КУРАН ҮЙРӨТҮҮ

Баланын өспүрүм курагында ага өтө көңүл буруу талап кылынат. Анткени бул куракта баланын кабыл алуусу күчтүү болоору белгилүү жана айтылган сөздөрдүн баарысын аткарганга аракет кылат. Ошондой эле ага эмне үйрөтүлсө, анын баарысын үйрөнгөнгө умтулат. Баланын жүрүм-туруму, адеп-ахлагы мына ушул өспүрүм куракта калыптана баштайт. Мына ушул куракты туура пайдалануу менен ага жакшы таалим-тарбия берип, аларга пайдалуу нерселерди үйрөтүп калуу керек.

Балага жаштайынан үйрөтө турган жана аны туура жакка багыттай турган Курандан өткөн жакшы эч нерсе жок. Улуу аалымдардын бири айткан: **“Силер балдарыңарга Куранды үйрөткүлө! Куран балдарыңарга баарысын үйрөтөт”.** Анткени Куранда бул дүйнөдөгү жана акыретке керектүү нерселердин баарысы камтылган.

Ата-эне балдарына жаштайынан Курандын канчалык ыйыктыгын жана ал Аллахтын Сөзү экенин үйрөтүүшү зарыл. Ошондой эле ата-эне баласына Куранды чын жүрөктөн жакшы көрүүнү үйрөтүп, андагы айтылган Ислам ишенимин, адеп-ахлакты, Аллахтын өкүм-буйруктарын жана арам кылып тыйган нерселерин тынымсыз эскертип туруш зарыл. Анткени Куран адамзатын акыйкат жолго багыттайт.

Аллах Таала айткан:

**«Чындыгында бул Куран эң туура жолго (Исламга) баштайт».**[1]

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айткан:

**«Силердин араңардан эң жакшыларыңар – Куранды үйрөнгөндөр жана аны башкаларга үйрөткөндөр»**[2]

Имам Суюти, рахимахуллах, мындай деген: "Куранды үйрөтүү Ислам дининин негиздеринен. Куранды үйрөнүү менен балдар Аллах жараткан таза табиятта чоңоюшат жана аларды өз нафсий каалоолору алардын жан дүйнөлөрүн ээлеп же жүрөктөрү булганып, карайып жана аларды күнөө чулгап алганга чейин аларга даанышмандыктын нуру орнойт". Мына ошондуктан өспүрүм балдарга жаштайынан Куран үйрөтүп жаттатуу керек.

## БАЛДАРГА КУРАН ЖАТТАТУУ ЖОЛДОРУ

Эне кош бойлуу убагында Куранды көп угуусу керек. Анткени курсактагы баланын сырткы дүйнө менен байланышы бар экендиги баарына белгилүү. Ошондой эле энесинин сезимдерин бала туюп билип турат.

Бала төрөлгөндөн баштап кез-кези менен күнүнө Куран угузуп туруу абзел. Ымыркай Куранды көп укса, кийин аны тез жаттаганга жардам берет.

Ата-энеси балага Куранды угузуп жана аны окуп

1 Исра сүрөөсү, 9-аят.

2 Сахих Бухари, 5027.

берип туруулары керек. Ата-энесинин окуганы баланы аябай кызыктырат жана бала ата-энесиндей болгусу келип, Куранды жаттаганга кызыгуусу күчөйт.

Бала канчалык көп жаттаган сайын белек берип кызыктырып туруу абзел. Айрыкча бала кызыккан оюнчуктарды белек кылса же Курандын өзүн белек кылса, анда балага Куранды кызыгып жатташка аябай түрткү болот.

Куран конкурстарына катыштырып туруу керек. Бул да баланын Куран жаттоого болгон кызыгуусун күчөтөт.

* * *

# 4. БАЛАНЫ ЖАШТАЙЫНАН ИБАДАТКА КӨНДҮРҮҮ

Бардык иштин эрте кылынганы жакшы. Баланы да ибадат кылууга көндүрүүнү эрте баштоо эң жакшы иштерден. Даракты көчөт кезинде кайсы жерге көчүрсө, ошол жерде бат эле тамыр алып өсүп кете бергендей эле баланы да жаштайынан ыйманга, Аллахка моюн сунууга тарбиялаcа, ошол нерсеге калыптанып калат. Ошол себептен мүмкүнчүлүктү колдон чыгарбай баланы жашынан ибадат кылууга көндүрүү керек. Эгерде баланы жаш кезинде Аллахка ибадат кылууга үйрөтпөсө, анда ал бала чоңойгондо Аллахка баш ийип ибадат кылуусу кыйын болот.

Адам дүйнөдөн өтүп кеткенден кийин артынан калтырып кеткен эмгектеринин эң жакшысы – анын тарбиялаган ыймандуу баласы. Анткени ыймандуу баланы тарбиялаган адамдын кылган ишинин сообу – ал көзү өтүп кеткенден кийин да токтобой барып турат.

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

**«Адам өлгөндөн кийин анын бардык иш-амалдары токтойт. Үч түрдүү гана ишинин сообу жетип турат: сообу уланып турган садака, адамдар пайдаланып турган анын үйрөтүп кеткен илими жана ага дуба кылып турган салих баласы».** [1]

1 Сахих Муслим, 1631.

Чындыгында балага туура тарбия берип аны ыймандуу кылуу – эң чоң жетишкендик. Ата-эне өз баласын такыба болууга тарбиялап жакшы инсандардан кылып кетсе, анда ал баласы ыймандуу болуп, ал дагы келечектеги өз баласын ыйманга тарбиялайт. Ошентип баласын ыймандуу болуусуна себепчи болгон атанын урпактарынан да Аллахтан корккон ыймандуу балдар тарбияланып чыгат. Ошондуктан ыймандуу баланы тарбиялаган адамдын бул эмгегинин сообу Кыяматка чейин уланып турат. Аллах ыйык Куранда айткан:

**«Ыймандуулардын урпактары да ыйман келтирүүдө аталарына ээрчишсе, анда Биз аларды аталары менен бирге кылабыз».** [1]

Тафсир аалымдары бул аятты төмөндөгүчө түшүндүрүшөт: **"Ыймандуулардын урпактары да ыйман келтирүүдө аталарына ээрчишсе, анда Биз аларды бейиште аталары менен бирге кылабыз. Балдарынын кылган иш-амалдары аталарынын кылган амалдарына жетпесе деле Аллах (ыймандуу балдарды тарбиялап кеткен) аталарды кубантуу үчүн балдарынын даражасын көтөрүп аталары менен бирге кылат. Ошентип алар эң жакшы абалда баардыгы бирге болушат".**[2]

Баланы жаштайынан Аллахтан коркууга жана Ага моюн сунууга буйруу абдан зарыл иштерден. Балага тарбия берүүдө "ибадат кылгын" деп буйруп эле койбостон, ибадат кылууга жаштайынан көндүрүү үчүн ата-эне өзүндөгү болгон күчүн жумшоосу

---

1 Тур сүрөөсү, 21-аят.

2 Тафсир ал-Муяссар.

жана ушул иште дайым сабырдуу болуусу шарт. Анткени баланы ибадат кылууга буйруп коюнун өзү жетишсиз. Балдарды ибадат кылууга көндүрүү өтө маанилүү иштерден экендигин жана бул ишке ата-эне терең көңүл буруусу зарылдыгын Аллах ыйык Куранда айткан:

**«Үй бүлөңдү намазга буйругун жана өзүң да бул нерседе сабырдуулук кылгын».** [1]

Намаз окууга буйруу – баланы ыймандуулукка тарбиялоодо чоң орунду ээлейт. Анткени намаздын Исламдагы орду чоң. Кимде-ким намазды толук аткарса, анда ал диндин негизги устунун тургузган болот. Ошондуктан балага эң биринчи кезекте намаз окуу милдети буйрулат. Баланы намаз окууга жана орозо кармоого ал жети жашка толгондон баштап буйруш керек. Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

**«Балдарыңар жети жашка толгондо намаз окууга буйругула! Алар он жашка келгенде деле намаз окубаса, анда аларды намаз окубагандыгы үчүн ургула (зыян тийбей турган чекте). Ошондой эле алардын жата турган жайларын бөлгүлө».** [2]

Балага илим үйрөтүүнү баштоо үчүн жети жаш эң ылайыктуу. Жети жаштан баштап бала, уккан, көргөн нерсесин тез кабыл алат. Ал эми он жашта баланын акыл-эси калыптанып үйрөнгөн нерсесин иш-жүзүнө ашыра турган болуп калат. Эгерде

1 Тоха сүрөөсү, 132-аят.

2 Абу Дауд, 495.

бала он жашка келгенде да көңүл кош болуп же жалкоолук кылып намаз окубаса, анда ага тарбия берүү максатында уруп жаза берилет. Намазга салыштырып башка ибадаттарды да, мисалы, орозо сыяктуу ибадаттарды кылууну балага буйруш керек. Тоң моюндук кылып өзүнө жүктөлгөн ибадатты аткарбаган бала жазага татыктуу. Чындыгында жети жаш менен он жаштын аралыгындагы балакатка жете элек балдарга ибадат кылуу парз эмес. Аларга бул убакытта намаз парз болбосо да келечекте ага парз боло турган милдеттерди аткарууга көнүп өздөрүн даярдашы керек. Антпесе, бала эрезеге жеткен кезде шыр эле өзүнө жүктөлгөн парз ибадаттарды талаптагыдай кылып аткарып кете албайт. Эгерде бала жаштайынан намазды окуп баштаса, анда ал бала балакатка жеткенде ага намаз окуу анын негизги иши катары калыптанып калат. Тарых китептеринин биринде айтылат: «Балаң жети жашка толгондо аны менен жаш балача ойногун жана анын тарбиясына терең көңүл бөл. Ошондой эле аны көзөмөл кылып, аны менен достой бол».

* * *

# 5. БАЛАНЫ АДЕПТҮҮЛҮККӨ ТАРБИЯЛОО

Исламда баланы адептүүлүккө тарбиялоонун орду такыр башка. Ислам – көркөм мүнөз жана адеп-ахлакка негизделген дин. Мисалы, динибиздеги кайсы бир иш-аракетти алып карабайлы, ал адамдарды жакшылыкка, ыймандуулукка жана тазалыкка жетелээрин билебиз. Мына ошондуктан мусулман адам адептүүлүктүн өзөгүн Ислам дининен гана табат.

Адептүүлүктө теңи жок, ааламга өзүнүн көркөм кулк-мүнөзү менен таанымал болгон адам – ал ардактуу пайгамбар Мухаммад, саллаллаху алейхи уа саллам. Бул нерсени билген ар бир ата-эне өздөрү дагы пайгамбарыбыздын адебинен сабак алып, ошол эле учурда балдарына дагы анын жүрүм-турумун, адеп-ахлагын жана башкалар менен болгон мамилесин айтып үйрөтүүсү керек.

Аллах Таала ушуга байланыштуу бир сөзүндө мындай деп айтат:

**«Аллахты көп эстеп, ошондой эле Аллахтан жана акырет күнүн үмүт кылган адамдар үчүн Аллахтын Элчисинде эң жакшы үлгүлөр бар».** [1]

Бул аят Пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа салламды, сөзүндө, ишинде жана ар кандай абалда аны ээрчүү зарыл экендигине толук негиз болот. Мына ушул аяттын негизинде ар бир адам Пай-

1 Ахзаб сүрөөсү, 21-аят.

гамбарыбызды бардык нерседе өрнөк тутса, эч качан катачылыкка кабылбайт.

Баланы адептүүлүккө тарбиялоону эки-үч жаштан кеч калтырбай баштоо зарыл. Анткени бала ал учурда эмнени көп көрсө, эмнени көп укса, ошол нерседен таасир алат. Мына ушундай учурунда балага кош көңүл болуп, эртеден кечке телевизорду коюп берип, "эң башкысы менин тынчымды албай алаксып отурса болду" деп баланын тарбиясына кош көңүл мамиле жасалса, анда ал ата-эне эртеби-кечпи анын зыянын сөзсүз тартат. Мындай учурда бала өз убактысын ата-энеси менен эмес, телевизор, телефон менен өткөрсө, анда аң-сезими өспөй калуу коопттуулугу бар. Тескерисинче, баланы ошондой нерселерден алыстатып, бала менен баладай болуп ойноп, кызыктуу окуяларды айтып берип алаксытуу керек.

Даанышман аалымдар: "Адеп – адамдын кийими сыяктуу" деп адепке аныктама беришкен. Чындыгында адеп адамдын абийиринин эмес, абийиринин кийими. Кийим болбосо, уяттуу жерлер кандай ачылып калары сыяктуу, адеп болбосо, адамдын кээ бир жаман мүнөздөрү ачылып абийири төгүлөт. Жакшылап даанышмандын сөзүнө маани берип карап көрө турган болсок, чындыгында адептүү адамга ким жамандык кылат? Эч кимге зыяны тийбесе, ибадатын кылып, түз жүргөн адам менен эч кимдин деле иши болбойт. Тескерисинче, адептүү кишилерди адамдар сыйлайт, жадагалса улуу адамдай урматтайт.

## АДЕП-АХЛАКТУУЛУКТУН ПАЙДАЛАРЫ

Адептүүлүк – адамдын өмүрүн узартат.

Аллахтын Элчиси,саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

**«Кулк-мүнөздүүлүк жана кошунага жакшы мамиле кылуу – өлкөнү өнүктүрөт жана адамдын өмүрүн узартат».** [1]

Адептүүлүк – Кыямат күнү таразада эң оор амалдардан.

Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

**«Кыямат күнү адамдын амалдарынын арасынан адептүүлүктөн да оор болгон эч бир жакшылык болбойт».** [2]

Адептүүлүк – ыймандын толук экендигинин белгиси.

Абу Хурайра, радыяллаху анхудан, келген хадисте, Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

**«Момундардын арасынан ыйманы эң толугу – кулк-мүнөзү жакшылары. Ал эми силердин араңардан эң жакшыңар – аялдарыңарга жакшы мамиле кылганыңар».** [3]

Адептүүлүк адамды Аллах Тааланын сүйүүсүнө жетелейт.

1 Имам Ахмад, “ас-Сильсиля ас-Сахиха”, 519-бет.

2 Тирмизи, 2003.

3 Имам Ахмад “Муснад”, 2/472.

Пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

**«Пенделердин арасынан Аллах Таалага эң сүйүктүүсү – кулк-мүнөзү жакшылары».**[1]

Адептүүлүк пендени Бейишке киргизет.

Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

**«Өзүнүкү туура болсо да талаш-тартышты таштаган адамга Бейиштин четинен хан сарай берилишине кепилдик берем. Тамашалашса да жалган айтпаган адамга Бейиштин ортосунан хан сарай берилишине кепилдик берем. Кулк-мүнөзүн оңдогон адамга Бейиштин төрүнөн хан сарай берилишине кепилдик берем».** [2]

Адептүү мусулман Кыямат күнү Аллахтын Элчиси менен бирге болот.

Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

**«Чындыгында Кыямат күнү силердин араңардан мага эң сүйүктүүңөр жана эң жакыныңар – кулк-мүнөзү жакшыларыңар».** [3]

* * *

1 Табарани, 7/350.

2 Абу Дауд, 4800.

3 Тирмизий, 2018.

## 6. БАЛАНЫН ДЕН-СООЛУГУНА КАМ КӨРҮҮ

Аллах Таала адам баласын башка макулуктардан өзгөчөлөп акыл-эстүү жана эң жакшы келбетте жараткан. Бул өзгөчөлүк адам баласына берилген Аллах Тааланын чоң нээматы. Ошондуктан мусулмандар өңү-түсү, дене-түзүлүшү кандай болсо да, Аллахка дайыма шүгүр кылып Ага алкыш-мактоолорду айтуулары керек.

Ошондой эле Аллах Таала берген нээматтардын бири – ден-соолук. Ден-соолук бул чоң байлык экендигинде эч кандай күмөн жок. Бирок “колдо бар алтындын баркы жок” дегендей, азыркы адамдардын көпчүлүгү ден-соолугуна кош көңүл мамиле кылышат.

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтат:

**«Адамдардын көпчүлүгү эки нээматтын кадырын билишпейт. Ал бош убакыт жана ден-соолук».** [1]

Ислам дининде адамдын саламаттыгына өтө көңүл бурулат. Жадагалса, Аллах Таала ден-соолукту адамдарга аманат кылып берген. Себеби адамдын ден-соолугу чың, күч-кубаттуу болсо, бардык нерсени аткарууга кудуреттүү болот. Ал нерселер Аллах Таала буйруган иш-аракеттер болсун, же адам өз келечегине койгон ой-максаттары болсун, ал нерселерди ишке ашырууда анын мүмкүнчүлүктөрү чектелбейт. Ошондуктан адам ден-соолугуна кам көрүүсү керек.

1 Сахих Бухари, 6049.

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айткан:

**«Беш нерседен мурун беш нерсени пайдаланып кал! Жаштыгыңды карылык келгенге чейин, ден-соолугуңду ооруганга чейин, байлыгыңды кедейлик келгенге чейин, бош убактыңды бошобой калганга чейин, өмүрүңдү өлүм келгенге чейин».** [1]

Ата-эне балдарын ыймандуу, адеп-ахлактуу кылып тарбиялоосуна жоопкер болгондой эле, алардын ден-соолугун чың кылып чоңойтуусуна да жоопкерчиликтүү. Баланы кичине кезинен баштап туура тамактандырып, дене-тарбия менен машыктырып ошондой эле бала кайраттуу болуп чоңоюусуна колунан келген шарттарды түзүп бериши керек. Себеби ата-эне балдарынын ден-соолугуна кам көрүү менен алардын келечекте аң-сезими, акыл-эси, ой жүгүртүүсү жана башка көптөгөн өнөрлөрү өрчүп өсүшүнө шарт түзүп берген болот. Ал эми акыл-эстүү, күч-кубаттуу балдар коомчулукта ордун оңой эле табышат. Ал турсун, ошол коомчулуктун өнүгүшүнө салым кошкон эр-азаматтардан болуп чоңоёт. Ошондуктан ата-эне балдарына Ислам дининин негизинде тарбия берип, эс тартып калган кезден баштап туура багыт көргөзүп, ден-соолукту туура пайдаланууну үйрөтүүсү керек.

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтат:

**«Алсыз мусулманга караганда күчтүү мусулман Аллахтын алдында жакшыраак жана сүйүктүүрөөк. Бирок экөөндө тең жакшылык бар».** [2]

---

1 Хаким “аль-Мустадрак”, 7846.

2 Сахих Муслим, 2664.

Пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам, бул хадисте ыйманы алсыз мусулманга караганда ыйманы күчтүү мусулман Аллах Таалага сүйүктүрөөк экендигин айткан. Ошондой эле аалымдар бул хадистен алсыз мусулманга караганда дени сак, күчтүү мусулман Аллахтын алдында сүйүктүрөөк деп да түшүндүрүшөт. Себеби күч-кубаттуу мусулман намаз, орозо, зекет, ажылык сыяктуу ибадаттарды аткарууда дайыма сергек болот. Жана өзүнүн жашоодогу муктаждыктарын жигердүүлүк менен өтөп, бирөөгө көз каранды болбой тиричилик кылат. Ошондуктан ата-эне балдарын ыймандуулукка, адептүүлүккө жана ден-соолукка кам көрүүнү үйрөтүп, тарбияны моралдык жана физикалык жактан бирдей берүүсү зарыл.

## БАЛАНЫН ДЕН-СООЛУГУНА КАМ КӨРҮҮ ҮЧҮН КЭЭ БИР СУНУШТАР:

### 1. Баланы туура тамактандыруу.

Балдарды Аллах Таала адал кылган гана азык-түлүктөр менен тамактандыруу зарыл. Себеби, маалым болгондой арам кылынган тамак-аштарда ден-соолукка көптөгөн зыяндуу нерселер бар. Мисалы, чочконун эти, өлүк жандыктын эти, ар түрдүү спирт ичимдиктер ж.б. Же жогоруда эскерилген нерселерден кошулуп жасалган тамак-аштар же шоколад-конфеттер.

Ошондой эле балага тамакты өз убагында берип жана тамакты ысырап кылбай өз өлчөмү менен жегенди үйрөтүш керек. Себеби тамакты ашказан көтөрө албай тургандай кылып чегинен ашырып жеш ден-соолукка зыян.

Аллах Таала ыйык Куранда адамдарга кайрылып айтат:

**«Жегиле, ичкиле. Бирок ысырап кылбагыла! Чындыгында Аллах ысырапкорлорду жакшы көрбөйт».** [1]

2. Баланы тазалыкка көндүрүү.

Себеби тазалык ден-соолуктун чың болуусунун эң негизги себептеринин бири болуп саналат. Негизинен эле тазалыкты бардык нерседе сакташ керек. Дененин тазалыгын, кийимдин тазалыгын жана ар бир кыймыл-аракетте тазалыкка көңүл буруу керек. Мисалы, тамактан алдын же кийин колду жуу сыяктуу. Ошондо бала ар түрдүү кооптуу ооруларды алдын алган болот.

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтат:

**«Тазалык – ыймандын жарымы…».** [2]

3. Баланы дене-тарбия менен машыктыруу.

Дене-тарбия менен машыгуу адамдын ден-соолугун чыңап турат. Ал эми өспүрүм бала дене-тарбия менен машыкса, анын дене-түзүлүшү жакшы калыптанат жана чыйрак болуп чоңоюусуна себеп болот.

Ислам материнде спорттун көпчүлүк түрлөрү менен машыгууга уруксат берилет. Бирок шариятка туура келбеген спорттун кээ бир түрлөрүнө тыюу салынат. Ошондуктан дене-тарбия менен машыгуу үчүн кээ бир шарттар коюлган. Мисалы: Спортко

1 Аараф сүрөөсү, 31-аят.

2 Сахих Муслим, 534.

аша чаап берилип, андан дагы зарыл болгон парз ибадаттарды, турмуш-тиричиликтерди таштап койбош керек. Спорт залда кыздар-балдар аралашып машыгууга болбойт. Аялдар болсун, же эркектер болсун, кийген кийимдери авраттарын жаап турушу шарт кылынат.

* * *

# 7. БАЛАНЫ КООМГО АРАЛАШТЫРУУ

Аллах Таала Адам ата менен Хава энени жаратты жана алардын урпактарынан ар түрдүү коомдорду жана урууларды жер бетине таратты. Бүткүл адамзаттын түпкү теги бир болгондуктан, алар өңү-түсүнө, жашаган жерине жана улуттарына карабай бири-бири менен боордош бир тууганды болуулары керек. Мына ушундай бир туугандыкты динди карманган мусулмандар гана жакшы түшүнүшөт. Себеби, Аллах Таала ыйык Куранда айткан:

**«Эй, адамдар! Биз силерди эркек жана аял кылып жараттык. Ошондой эле силер бири-бириңерди таанып билишиңер үчүн уруу-урууларга жана элдерге бөлдүк. Аллахтын алдында силердин эң урматтууңар – такыбараагыңар. Чындыгында Аллах баарын Билүүчү жана Кабардар».** [1]

Адам коомго толук аралашып, алардын баары менен бир туугандай болуусу үчүн ал жаштайынан эле адамдар менен мамиле кылып, эл менен аралашуусу керек. Баштапкы учурда баланы, албетте ата-энеси коом менен аралашууга үйрөтөт. Үлгүлүү адамдар менен аралашуу жана алар менен пикир алышуу бул жашоодо өтө маанилүү. Жакшы адамдардын насаатын угуп алардан үлгү алуу зарыл экендигин балага ата-энеси түшүндүрүп берүүсү керек. Ошондуктан ата-эне баласына ылайыктуу жакшы чөйрө таап, алар менен аралашуусуна колу-

1 Хужурат сүрөөсү, 13-аят.

нан келишинче шарт түзүп берүүсү зарыл. Ата-эне баланы коом менен аралашууга даярдоодо Ислам дининин таалим-тарбиясы менен тарбияласа, анда ал бала элге пайдасы тие турган акыл-эстүү жана үлгүлүү инсан болуп чоңоёт.

Албетте, ар бир баланын өзүнө тиешелүү мүнөзү болот. Андыктан баланы өз деңгээлине жана түшүнүгүнө жараша балдар менен аралаштырыш керек. Ал үчүн ата-эне, балдарын өзүнчө бир инсан катары кабыл алып, аны менен ар дайым маектешип туруулары абзел. Өзү теңдүү балдар менен ойноп, алар менен тил табышып, мамиле куруууга шарт түзүп берүү үчүн баланын досторун үйгө коноктоп тамакка чакыруу абдан жакшы натыйжа берет. Ошондой эле баланы, туугандарынын үйүнө конокко, же коомдук жайларга барган кезде башкалар менен пикир алышууга көндүрүү керек.

Ата-эне өздөрүн туура алып жүрүү менен балага эң сонун үлгү болот. Андыктан балага зыяны тие турган көрүнүштөрдү кылбоо керек. Балага көңүл буруп, аны менен көбүрөөк убакыт бирге болууга үй-бүлө мүчөлөрүнүн баардыгы катышканы жакшы. Маселен, чоң ата жана чоң энеси баланы сейилдетип насааттарын айтса, ата-энеси баланы өздөрү менен кошо алып коомго аралаштыра баштоолору керек. Мына ушундай кылынса, балада тартынчаактык сапат жоголот жана анын аң-сезиминин туура өсүшүнө жакшы шарт түзүлөт.

* * *

# 8. БАЛАНЫ УЛУУ АДАМДАР МЕНЕН АРАЛАШТЫРУУ

Бала эс тарткандан баштап аны адамдар менен аралаштыруу – анын аң-сезиминин өөрчүшүнө жана жакшы ой жүгүртүүсүнө абдан жакшы жардам берет. Улуу адамдар менен аралашкан бала, алардын жетишкендиктерин көрүп, жашоодо бийик ой-максаттарды коё баштайт. Ата-эне баласына жаштайынан өзгөчө көңүл бөлүп аны өзүнчө бир чоң инсан катары кабыл алышы жана ага достой мамиле кылышы керек. Эгерде мындай кылбай ага жаш балага мамиле кылгандай кылып сөзүнө маани бербей аны басынта берген болсо, анда баланын аң-сезими жакшы өспөй калуу коркунучу бар. Баланы чоңдордун катарына такыр кошпой тарбиялаган болсо, анда ал бала чоңойгон кезинде да мурдагы балалык ой-кыялдары менен жашай турган болуп калат. Өз келечегине кадам таштоо үчүн бийик ой-максаттарга умтулбай жалкоо болуп калуусуна жол ачылат. Бул жашоодо бала туура жолду өзү тандап алуу үчүн аны акыйкат жолдо жүргөн адамдарга кошуу зарыл. Чоңдордун арасында олтуруу менен бала өзүнүн кемчиликтерин көрөт. Сөздү орундуу сүйлөп, улууларды сыйлоону үйрөнөт. Ошондой эле баланын акылы тез өөрчүп, туура жана так сүйлөп калат. Бала илимдүү адамдардын жанында олтурганда алардын айткан насааттарына кулак салып сабак алат.

Адептүү болууну улуулардын айткан насааттарынан угуп эле калбастан, ал адептүүлүктү өз көзү менен улуу адамдардан көрүп алардан тарбия алат. Баланын чоңдор менен аралашуусунун эң эле чоң пайдасы – ал, адамдар менен аралашкан кезде баары менен өз деңгээлине жараша мамиле кылууну үйрөнөт. Ошондой эле бала өзүнүн оюн тартынбай айтып адамдардын арасында сүрдөнбөй турган болот. Баланы кээде улуу адамдар менен аралаштырып туруу анын сабаттуулугун көтөрөт. Ошондуктан сахабалар көбүнчө Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, барган кезде балдарын өздөрү менен кошо алып барышкан. Буга далил жаш сахабалар Абдулла ибну Умар, ибну Аббас ж.б. жаштайынан көбүнчө Пайгамбардын жанында жүрүп анын тарбиясын алып чоңойгон.

Баланын бардык эле муктаждыктарын ата-энеси орундатып бере бергени да туура эмес. Анткени коомго аралашууга бала өзү аракет кылуусу үчүн анын кээ бир муктаждыктарын өзүнө кылдырган жакшы. Ошондо бала өз алдынча да иштерди толук аткарганды үйрөнөт. Өзүнө керек болгон нерселерди жеке өзү да кылып үйрөнүүсү керек. Бул нерсе балада өзүнө болгон ишенимди пайда кылат жана башкаларга ашыкча таянып албоону үйрөнөт. Ата-эне кез-кези менен соода-сатык иштеринде балага багыт берип, ага соода кылууну үйрөтүш керек. Ал үчүн ата-эне базарга же дүкөнгө барган кезде баласын өзү менен кошо ээрчитип алып, ага соода кылуунун жол-жоболорун аз-аздан үйрөтүш абзел. Анткени шариятыбыз адал кесип кылууга жана адамдар менен болгон мамиледе адилеттүү болууга буйруйт. Соода кылуунун жол-жоболорун

Ислам дини ачык айкын көргөзүп, кайсы нерсе адал жана кайсынысы арам экендигин да белгилеген. Аллах Таала ыйык Куранда:

**«Аллах сооданы адал кылды жана сүткорлукту арам кылды» [1] – деп айткан.**

Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдан, эң жакшы кесип кайсы? – деп сурашканда: **«Адам өз мээнети менен кылган эмгеги жана адал жол менен кылынган соода»** – деп жооп берген.[2]

Ислам дини сатуучуну да, сатып алуучуну да сооданын эрежелерин жана шарият койгон чекти бекем сактоого буйруйт. Көңүл коштуктан улам соодада ар түрдүү арам иштерди кылуудан тыят жана сүткорлуктан алыс болууга чакырат. Соода кылууда адам, сооданын эрежелерин толук сактап чынчыл жана аманаткөй болуш шарт. Мына ушуну балага көргөзүү бала үчүн өтө маанилүү.

Эгерде балага ыкластуу болууну жана бардык нерседе чынчыл болууну үйрөткөн болсо, анда бала жашоосунда көптөгөн ийгиликтерге жетет. Эгерде ата-эне жашоодо баласын эл менен мамиле кылууга үйрөтсө жана баланы өз алдынча иш кылып кете ала тургандай деңгээлде ага туура багыт берсе, анда баладан ата-энеси сыймыктана турган чоң ийгиликтерди күтсө болот. Ошондой эле баланы Ислам дининин баалуулуктары менен тарбиялап кулк-мүнөздүү кылып койсо жана баласын чоңдор менен мамиле кылып кете турган кылып өс-

1 Бакара сүрөөсү, 275-аят.

2 Имам Ахмад “Муснад”, 2783.

түрсө, анда ата өзүнүн артынан бир чоң орун басар дайындап кеткен болот. Ата бул дүйнөдөн өтүп кетсе да анын аткарылбай калган иштерин баласы аткарып толуктайт. Башкача айтканда ата дүйнөдөн көз жумса да тирүү жүргөндөй анын иштери токтобой улана берет.

## БАЛА ЖАШТАЙЫНАН УЛУУ АДАМДАРГА АРАЛАШУУ МЕНЕН ТӨМӨНДӨГҮЧӨ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРГЕ ЭЭ БОЛОТ:

Чоңдорго аралашуу менен баланын аң-сезими тез өөрчүйт жана жалгандан акыйкатты ажырата билет.

Балада өзүнүн жекече көз карашы пайда болот.

Сөздү орундуу, туура жана так сүйлөгөндү үйрөнөт. Ошондой эле өзүнүн оюн башкаларга сүрдөнбөй ачык айтып баяндап бере алат.

Адамдар менен мамиле кылууну үйрөнөт жана ар түрдүү адамдар менен аралашып жамандан жакшыны айырмалап калат. Ошондой эле жашоосунда кезигүүчү турмуштун оор-жеңилине чыдоого тажрыйба алат.

Балада болгон өнөрлөр, шык-жөндөмдөрү ачыкка чыгат.

Өзү менен бирге окуган достору менен жана аны тарбиялаган адамдар менен өзгөчө мамиледе болот.

Улуу адамдар менен жүрүү баланы бир тараптуу болбостон, башкача деңгээлде ойлонууга жана ар түрдүү идеяларды ойлоп табуусуна шарт түзөт.

* * *

# 9. БАЛАГА САЛАМДАШУУ АДЕБИН ҮЙРӨТҮҮ

Ар бир баланын келечеги үчүн маанилүү адептердин бири – бул башкаларга салам берүү адеби. Мусулман адам өз баласын эс тарткандан баштап үйрөткөн амалдарынын бири да ушул. Эгер бала муну билбесе, баланчанын баласы тарбия көрбөптүр деп биринчи кезекте ата-энеге сөз тиет. Анткени саламдашуу – бул адептүүлүктүн белгиси. Адамдын адептүүлүгүн биринчи эле саламынан байкоого болот. Элибизде: “Саламы жоктун адеби жок”, “Салам түзөлмөйүн коом түзөлбөйт” деген сөздөр мурдатан бекеринен айтылбаса керек. Андыктан ар бир ата-эне бул ишке кош көңүл карабай, баланы жаштайынан башкалар менен саламдашып көрүшүүнү үйрөтүүсү зарыл. Ал үчүн ата-энелер саламга байланыштуу төмөндөгү өкүмдөрдү өздөрү үйрөнүшүп, ошону менен бирге аны иш жүзүнө ашырып, балдарына дагы үйрөтүүлөрү зарыл.

## САЛАМ БЕРҮҮ АДЕПТЕРИ

Салам берүүнү Аллах Таала Адам атаны жаратКандан кийин ага үйрөткөн эң алгачкы адептерден. Кудуреттүү Аллах Таала асман-жерди жана андагы нерселердин баарын жараткандан кийин Адам атаны жаратып, ага салам берүүнү үйрөттү. Пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам, бул тууурасында мындай деп айткан:

**«Аллах Таала Адамды жаратып, ага жан салгандан кийин “Тээ тигил жерде отурган периштелерге барып салам бергин жана алардын сага берген жообун жакшылап уккун. Анткени бул сен үчүн жана сенин урпагың үчүн салам берүү болот” – деп айткан. Адам периштелерге барып: “Ассаламу алейкум” деп айтты. Периштелер ага: “Ассаламу алейка уа рахматуллах” – деп анын салам сөздөрүнө “уа рахматуллах” – деп кошуп салам беришти».**[1]

Демек, биздин бала кезибизден салам берип учурашуубуздун тарыхы тээ Адам атадан башталганын ушул хадистен билсек болот. Ал эми “Ассаламу алейкум” деген сөздүн мааниси “Силерге Аллахтын тынчтыгы, амандыгы болсун” деген маанини билдирет. Мына ушинтип мусулмандар бири-бири менен учурашуусу бир жагынан амандашуу болсо, экинчи жагынан дуба болуп эсептелет.

Жалпысынан, салам берүү динибизде сүннөт амалдардан. Ал эми ага алик алуунун өкүмү важип. Саламга алик албаган адам күнөөкөр болот. Бул өкүмдү биз төмөндөгү аяттан билебиз. Аллах Таала ыйык Куранда мындай дейт:

**«Качан силерге салам берилсе, андан да жакшыраак же болбосо өзүндөй кылып алик алгыла. Аллах бардык нерсени Эсептөөчү».**[2]

Аалымдар бул аятты негизге алып, кээ бир өкүмдөрдү чыгарышкан. Саламга аятта талап кылынгандай туура алик алуу зарыл. Мисалы, бир адам

1 Тирмизи, 3368.

2 Ниса сүрөөсү, 86-аят.

"Ассаламу алейкум" деп салам берсе, экинчиси: "Саламатсызбы", же "Кутман таң" деп алик алса, жооп аятта талап кылынгандай болбойт. Себеби бул жооп салам сөзүнөн артык эмес жана дал өзүндөй да болбой калат.

Дагы мисал, бир адам: "Ассаламу алейкум" десе, экинчиси: "уа алейкум" деп алик алса, бул да ката жооп болуп эсептелинет. Себеби, бул жооп салам сөзүнөн көлөмү жагынан аз болуп калат. Туурасы, "уа алейкум ассалам" деп өзүндөй кылып жооп берүү керек. Же "уа алейкум ассалам уа рахматуллах" деп андан да жакшыраак кылып жооп берүү керек.

Ушул сыяктуу дагы бир мисал келтире турган болсок, бир адам үнүн бийик көтөрүп, жылмайып, жылуу салам берсе, салам берилген адам көңүлсүз, угулар-угулбас, кабагын салып жооп бербеши керек. Анткени аяттын негизинде, салам берген адамга дал өзүндөй кылып жооп берүү керек, же андан да жакшыраак кылып алик алуу зарыл.

Жогорудагы Аллах Тааланын "Андан да жакшыраак же болбосо өзүндөй кылып кайтаргыла" деген сөзүнүн ичинде ушундай маанилер да камтылган.

Учурашканда кол алышып учурашуу дагы сүннөт иштерден. Себеби, сахабалар ушундай кылышкан. Анас ибну Маликтен: **«Пайгамбарыбыздын сахабалары кол алышып учурашат беле? – деп сураганда ал: "Ооба" – деп жооп берген».** [1]

Учурашуу оң кол менен болуусу керек. Ал эми эки мусулман кол алышып учурашкан кезде алар-

1 Бухари, 5908.

дын кылган күнөөлөрү да кечирилери хадисте айтылат. Буга Хузайфа, радыяллаху анхудан, келген хадис далил болот. Пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

**«Эгерде бир мусулман башка мусулман адам менен жолугуп, ага салам берип кол алышып учурашса, анда дарактын жалбырагы күбүлүп түшкөндөй ал экөөнүн күнөөлөрү да күбүлүп түшөт».** [1]

А эгер адамдар топтолгон жерге барса, же көп адамдарга жолукса, анда кол алышпастан жөн гана саламды жалпы узатып койсо да болот. Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

**«Атчан жөө жүргөн адамга, басып бараткан отурган адамга, аз адам көп адамдарга салам берет».** [2]

Дагы бир хадисте:

**«Жаштар улууларга салам берет» – деп айтылган.** [3]

Бирок улуулар жаштар салам бергенче күтүп отуруу керек, же болбосо көп адамдар аз адамдардын саламын күтүүлөрү керек деп түшүнбөш керек. Кайсы бири салам узатууну унутуп кетсе, экинчи тарап дароо салам берүүсү керек. Негизи кайсыл тарап болбосун, биринчилерден болуп салам берүүгө умтулуусу зарыл. Себеби Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айткан:

1 Табарани, "Аль-Аусат", 243.

2 Сахих Бухари, 6233.

3 Сахих Бухари, 6234.

**«Аллахка эң жакын адам – биринчилерден болуп салам берген адам».** [1]

Алыстан өткөн кезде, үнү угулбаса да салам айтып, колу менен ишарат кылса да болот. Хадисте:

**«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, мечиттин жанынан өтүп баратканда бир топ аялдар чогулуп отурган эле. Ошондо Пайгамбарыбыз аларга салам жолдоп, колу менен ишарат кылды» – деп келген.**[2]

Имам Навави бул хадиске түшүндүрмө берип: «Аллахтын Элчиси, үнүн угулар-угулбас кылып чыгарып, колу менен да ишарат кылган» – деген. Аалымдар ушул хадистин негизинде, унаа минген адам башка бир адам менен учурашуу мааниде сигнал басып коюусу саламга кирбейт экендигин айтышат. Унаада болсо да колу менен ишарат кылып, сөзү менен айтып салам берүүсү керек. Ал эми сигнал басып, адамды өзүнө каратып алып, кийин колу менен ишарат кылып, сөзү менен айтып салам берсе, анда бул уруксат.

Көп адамдар чогулган жерге же илим мажилисине келген адам абалга карап салам айтат. Эгерде анын салам берүүсү башкаларга кандайдыр бир тоскоолдук жарата турган болсо, анда тынч келип, салам бербестен алардын катарына кошулат. А эгер анын саламы жыйынга зыяны тийбей тургандай абал болсо, ар ким менен жеке-жеке учурашып отурбастан жалпы түрдө: “Ассаламу алейкум” – деп учурашып, жыйынга кошулат.

1 “Таргиб уа тархиб”, 3/369.

2 Тирмизи, 2697.

Эгерде адам башка бирөөнүн салам жолдогонун айтып "баланча сизге салам жолдоду" – деп айтса, уккан адам: "Уа алейка уа алейхи салам" же "уа алейка уа алейхим салам" – деп айтышы керек. Мааниси: "Сага да, аларга да салам болсун", деген сөз. Пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам, Айша энебизге:

**«Жебреил сага салам айтып жатат» – деп айтканда Айша: "Уа алейхи салам уа рахматуллахи уа баракатух» – деп жооп берген.**[1]

Арабчасын айта алган адам ушундай айтканы абзел. Ал эми арабчасын айта албаган адам: "Саламат болсун" деп айткандан көрө "Сага да, ага да салам болсун" – деп саламды жеткизгенге да, салам жолдоочуга да жооп кайтарганы абзел.

Эки адам жолукканда да, коштошкондо да "Ассаламу алейкум" деп айтканы дурус. Себеби Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, бир хадисинде:

**«Эгерде араңардан бирөө бир жыйынга кошула турган болсо, салам берсин. А эгер ал жыйындан турууну кааласа, анда да салам берсин» – деген.** [2]

Үйгө кирип жаткан адам үйүнө салам берип кирет. Себеби Аллах Таала Куранда:

**«Эгер үйлөргө кирсеңер, анда салам берип киргиле»** [3] **– деп, үйгө салам берип кирүүнү буйруган.**

---

1 Бухари "Адаб аль-Муфрад", 634.

2 "Таргийб уа тархийб", 3/370.

3 Нур сүрөөсү, 61-аят.

Жаш балдарга салам берүү да сүннөт амалдарга кирет. Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, ойноп жүргөн жаш балдарга салам берет эле. Жаш балага салам берүүнүн пайдаларына токтоло турган болсок, бул биринчиден, сүннөт иштерден. Экинчиден, улуулардын көкүрөгүндөгү текеберлик сезимин жоюп, кичипейилдик менен жөнөкөйлүккө үйрөтөт. Үчүнчүдөн, жаш баланын улууларга карата болгон урмат-сыйын арттырып, балдарды эрте жаштан саламдашууга үйрөтөт.

Бейтааныш аялдарга салам берүүдө сөзсүз абалга кароо керек. Эгер адам бейтааныш аял менен учурашкан кезде жүрөгүндө жанагы аялга болгон туура эмес сезимдер пайда боло тургандай абал болсо, анда ал аял менен учурашууга тыюу салынат. А эгер аял жашы улгайып калган, учурашканда эч кандай сезимдерге таасири болбой тургандай абал болсо, анда кол алышпай учурашса болот. Ал эми өзүнүн жубайы, энеси же эже-карындаштары сыяктуу жакындары болсо, аларга салам берүү милдеттүү болот.

* * *

# 10. ООРУЛУУНУ ЗЫЯРАТ КЫЛУУ

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, өзү ар дайым аткарып жүргөн жана аны кылууга буйруган сүннөт иштердин бири – ооруган адамды зыярат кылуу. Бул сүннөт ишти балдарга жаштайынан үйрөтсө, алар көптөгөн пайдаларды алышат. Жаш балдарды кичинесинен эле оорулууларга жардам берип, аларды зыярат кылууга көндүргөн болсо, анда ал бала ырайымдуу жана боорукер болуп чоңоёт. Ооругандарды көп-көп зыярат кылып чоңойгон бала, ден-соолуктун кадырын билет жана ден-соолук Аллах берген эң чоң нээмат экенин түшүнөт.

Ислам дини – ырайымдуулуктун дини. Аллах Таала Өзүнүн пайгамбарына кайрылып мындай деп айтты:

**«Биз сени ааламдарга ырайым кылуу үчүн гана жөнөттүк».** [1]

Ислам дини бардык адамдарга теңдик жана адилеттүүлүк менен карайт. Ал адам бай болобу, кедей болобу же күчтүү болобу, алсыз болобу Ислам дининде баары тең укукка ээ. Ошондуктан Ислам дини оорулууларга жардам берүүгө, адилеттүүлүк кылууга жана алар ооруп жаткан кезде зыярат кылууга буйруйт.

Ооруу – бул Аллах Тааланын пенделерине берген сыноолорунун бири. Оорулуунун сакаюусуна жакшы таасир берген нерселердин бири – бул анын

1 Анбия сүрөөсү, 107-аят.

жүрөгүндөгү Аллахка болгон жана Анын адам баласына жазып койгон тагдырга болгон ишеними. Анткени ыймандуу адамдын жүрөгү Аллахтан гана үмүт кылат жана Аллах анын тагдырына эмнени жазган болсо, ошого ыраазы болот.

Кээ бир адамдар ооруганда айыгуунун себептерин аткарышат жана сабырдуулук менен Аллахка тобокел кылышат. Аллах Таала андай адамдардын күнөөлөрүн кечирип, Бейиштеги даражаларын көтөрөт. Ал эми айрым адамдар ооруса Аллахка наараазы болушуп адамды каапыр кылуучу сөздөрдү айтышат жана Аллах жараткан дарыгер менен дарыга таянып, ошолордон гана үмүт кылат. Андай адамдар чоң күнөөгө батып Аллахтын каарына калышат.

Адам ооруп жаткан кезде жакын адамдарынын анын жанында болушун жана алардын жылуу сөздөрүн угууну, жардам берип каралашууларын каалайт. Ошондой эле "сен жакшы болуп кетесиң, көп ойлоно бербе, кабатыр болбо" деген сыяктуу кубаттаган сөздөргө муктаж. Оорулууга айтылган жылуу сөз, жакшы мамиле анын үмүтүн арттырат жана жашоого болгон кызыгуусун жаратат. Анткени оорулууга жакшы сөздөрдү айтып, руханий жактан күч-кубат берүү, ал ооруну бат жеңип жана эрте сакайып кетишине себеп болот. Ошол себептерден улам Ислам дини оорулууну үйүндө болобу же ооруканада болобу, аны зыярат кылууга буйруган.

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

**«Аллах Таала Кыямат күнү: «Эй, адам баласы! Мен ооруганда сен эмнеге Мени зыярат кыл-**

**ган жоксуң?» – деп сураганда, ал Адам айтат: «Оо, Раббим! Сен ааламдардын Раббиси болсоң, мен Сени кантип зыярат кылмак элем?» Аллах Таала: «Баланча пендем ооруганын билип туруп, аны зыярат кылган жоксуң. Эгер ошол пендемди зыярат кылганыңда Мени ошол жерден тапмаксың» – деп айтат».** [1]

Башка бир хадисте, Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

**«Мусулмандын мусулманга болгон беш акысы бар: Салам берсе, алик алуу. Чүчкүрсө, дуба айтуу.** [2] **Чакырса баруу. Ооруса зыярат кылуу. Бул дүйнөдөн өтсө, жаназасына катышуу».** [3]

## ООРУЛУУНУ ЗЫЯРАТ КЫЛУУДАГЫ КЭЭ БИР АДЕПТЕР

Оорулуунун ал-акыбалын сураганы барганда, көпкө отуруп аны жадатпай, кыска убакыттын ичинде пайдалуу нерселерди айтып берип көңүлүн көтөрүү. Пайдасыз сөздөрдү сүйлөөдөн алыс болуу.

Оорулууга сүннөттө келген дубалардан айтуу:

1 Сахих Муслим, 2569.

2 Чүчкүргөн адам "алхамдулиллах" (Аллахка шүгүр) деп айтса, ага "ярхамукаллах" (Аллах ырайым кылсын) деп дуба кылат. Ал эми чүчкүргөн адам кайра "яхдийкумуллаху уа йуслиху баалакум" (Аллах силерди туура жолго салып, абалыңарды оңосун) деп жооп кайтарат.

3 Сахих Бухари, 1240.

**«Ас'алю-Ллаха-ль-'Азыйм, Рабба-ль-'арши-ль-'азыйм, ан йашфийак»** (Улуу Арштын Раббиси Кудуреттүү Аллахтан, сага шыпаа берүүсүн сурайм) (жети жолу айтат), – деп ж.б.у.с. дубалардан.

Жаш балдарды алып барганда, аларды ызы-чуу кылуудан тыйып, тынчтыкты сактоо зарыл.

## БАЛДАРГА ООРУЛУУНУ ЗЫЯРАТ КЫЛУУНУ ҮЙРӨТҮҮНҮН ЖОЛДОРУ

Оорулууну зыярат кылууга кызыктырган жана чоң соопту иштерден экенин баяндаган хадистерден айтып берүү.

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам айтты:

**«Мусулман адам өзүнүн ооруп жаткан мусулман бир тууганын зыярат кылган болсо, анда ал Бейиштеги мөмөлүү бактардын арасында болот».** [1]

Сүннөттө келген дубалардан үйрөтүү:

**«Ас'алю-Ллаха-ль-'Азыма, Рабба-ль-'арши-ль-'азыйми, ан йашфийака» ж.б.у.с.**

Оорулууну зыярат кылганы барганда балдарды ар дайым ээрчитип жүрүү жана бул иш сооптуу иштерден экенин айтып берүү.

1 Сахих Муслим, 2568.

## ООРУЛУУНУ ЗЫЯРАТ КЫЛУУНУН ПАЙДАЛАРЫ

Бала, Аллах Таала ага берген нээматтарга шүгүр кылганды үйрөнөт.

Ооруну да, шыпааны да Аллах берээрин билет жана Ага гана таянып, дуба кылып ден-соолук сурайт.

Боорукерликке жана ырайымдуулукка үйрөнөт.

Өзүнүн алсыз экенин билип, бой көтөрүүдөн алыс болот.

Чоң адамдар менен аралашып, алардан үлгү-насааттарды алат.

* * *

# 11. БАЛАНЫН ДОСТОРУНА КӨҢҮЛ БУРУУ

**«Сен мага досуң ким экенин айтсаң, мен сага сенин ким экениңди айтамын»** деп эл оозунда айтылып жүргөн сөз бар. Чынында эле адамдын табияты оомо болгондуктан, чөйрөсүндөгү адамдардан көп таасир алат. Айрыкча, адам өзүнүн досторунан көбүрөөк таасир алаары белгилүү. Анткени адам көпчүлүк учурда ой-пикири жана кулк-мүнөзү дал келген адам менен дос болуп, аны менен көп аралашат. Ошол себептен адам өзүнүн досу айткан акыл-насаатынан, ойлогон ой-пикиринен, кылган иш-аракеттеринен көп таасир алат. Бул туурасында Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, хадисинде мындай деп айткан:

**«Адам өз досунун growth динде болот.**

**«Жакшы дос менен жаман дос – атыр сатуучу менен көөрүк үйлөгөн адам сыяктуу. Атыр сатуучу менен бирге жүрсөң, ал сага атыр берет, же сен андан сатып аласың, же сага анын жагымдуу жыпар жыты сиңип калат. Ал эми көө-**

1 Тирмизи, 2395.

**рүкчүнүн жанында жүрсөң, ал сенин кийимиңди күйгүзүшү мүмкүн, же сага анын жагымсыз жыты сиңип калат».** [1]

Ата-эне баласын кичине кезинен жакшы чөйрөгө аралаштырып, жакшы достор менен бирге жүрүүсүн көзөмөлдөп туруусу зарыл. Анткени Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, хадисинде айткандай, жакшы достор менен жүргөн адам көптөгөн жакшылыктарга жетет, ал эми жаман достор менен жүргөн адамдын акыбети өкүнүчкө алып барат. Эгерде ата-эне баласын көзөмөлдөбөстөн, өз билгениндей таштап койсо, анда бала начар чөйрөгө аралашып, начар досторго кабылуусу мүмкүн. Себеби баланын жашоодогу тажрыйбасы аз болгондуктан, ак менен караны көп айырмалай албайт. Ал кылган чечимдерине терең ой жүгүртпөстөн, жеңил ойлуулук кылып, көңүлүнө жаккан нерселерин кыла берет. Ошондуктан ата-эне баланы, өзгөчө өспүрүм куракта көбүрөөк көзөмөлдөөсү керек. Ал эми бала начар чөйрөгө аралашып, жаман досторго кабылса, акырындык менен бузукулуктун бардык түрүн үйрөнөт. Мисалы, калп айтканды, сөгүнгөндү, уурулук кылганды, арак ичкенди, тамеки чеккенди ж.б.у.с. Эгерде ата-эне баласын ушул абалда кош көңүлдүк кылып таштап койсо, ал чоңойгондо алардан да жаман бузуку досторду табат. Эгерде ушундай көрүнүштө улана берсе, анда бала динден алыстап, Кудайдан коркпогон таш боор адамдардан болуп калат. Натыйжада, ата-эне өз баласын тааныбай калышы да мүмкүн.

Бул дүйнөдө өмүрүн жаман достор менен өткөргөн адамдардын Кыямат күнүндөгү абалын баяндап, Аллах Таала ыйык Куранда мындай деп айтат:

---

1 Сахих Бухари, 5534.

**«(Кыямат) күнү залымдар эки колун тиштеп: "Аттиң-ай! Пайгамбар менен бир жолду карманган болсом кана?! Шорум курусун-ай! Баланчаны дос кылбай эле койсом болмок экен! Ал мага келген эскертмеден (Курандан) мени адаштырды!" деп айтышат».** [1]

Бала чоңойгондон кийин, ата-энесине караганда жоро-жолдошторуна көбүрөөк байланып калат. Ошондуктан ата-эне баласын жаштайынан жакшы достор менен жакшы чөйрөдө жүрүүсүн камсыздоосу керек.

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, жакшы дос кандай экенин баяндап:

**«Сен ыймандуу адам менен гана достошкун...».** [2] **деп айткан.**

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, хадисинен маалым болгондой, жакшы дос деген – бул ыймандуу, Аллахтан корккон такыба адам. Такыбалык сыпат чыныгы жакшы досто боло турган эң негизги сыпаттардан. Анткени такыба адам Аллах Тааланын парз ибадаттарын жана Пайгамбардын сүннөтүн калтырбай аткарган адам. Ошондой эле такыба адам эч качан жалган сүйлөбөйт, уурулук кылбайт жана башка бузукулук иштерге барбайт. А эгер башка адамдан андай бузукулуктарды көрсө, ага эскертип, акыл-насаатын айтып турат. Мына ушундай гана дос бул дүйнө жана акырет бактылуулугуна өнөктөш боло алат.

* * *

1 Фуркан сүрөөсү, 27-29 аят.

2 Абу Дауд, 4829.

# 12. БАЛДАРГА КОШУНАЛАР МЕНЕН ЖАКШЫ БОЛУУНУ ҮЙРӨТҮҮ

Балдардын коомго эң биринчи аралашуусу кошуналар менен болот. Анткени балдар чоңоюп, көчөгө чыкканда эле кошуналардын балдары менен ойнойт. Балдарга мына ушул убакыттан баштап кошуналар ким экенин жана алар менен кандай мамиледе болуу керектигин, ошондой эле алардын алдындагы акыларын аз-аздан түшүндүрүү керек. Мына ошондуктан ата-эне эң биринчи кезекте өздөрү Ислам désininde коңшу-колоңдор ким жана шариятта алардын ордулары кандай экендигин, ошондой эле аларга болгон акыларын жакшы билүүлөрү зарыл. Бирок билип эле койбостон, аларды ишке ашырып, кошуналар менен жакшы мамиледе болуу алардын мойнундагы милдет. Мына ошондо балдарына айткан сөздөрү менен да, кылган иштери менен да үлгү болушат. Анткени балдар ата-энеден эмнени көрсө ошонун баарын туура кылып жатат деп үлгү алат.

## КОШУНА КИМ ЖАНА АЛ ЖӨНҮНДӨ ИСЛАМ ДИНИНДЕ ЭМНЕ ДЕП АЙТЫЛГАН

Кошуна бул – мусулман болсун же каапыр болсун, бири-бирине жакын жашаган адамдар. Ал эми канча аралыкка чейин жакын жашаган адамдарга кошуна деп айтылат деген суроого аалымдар ар кандай жоопторду беришкен. Жооптордун туурага жакыны, адамдардын үрп-адаттарында канчалык аралыкта кошуна деп айтылса, мына ошол аралык-

та жашаган адамдардын баарысы кошуна болуп саналат. Мына ошондуктан балдар кошуналар менен ойноп жүргөн кезинде, алардын кошуна экенин жана кошунанын Исламдагы укуктарын айтып берип туруулары керек. Ислам дини кошунанын акысын жогору койгондуктан бул тууралуу көптөгөн насааттар айтылган.

Ислам дини кошуналарга урмат-сый көргөзүүгө, аларга жардам берип жакшылыктарды кылууга жана алардын башына түшкөн кайгыларын тең бөлүшкөнгө буйруган. Аллах Таала айткан:

**«(Силерге) тууган болгон кошунаңарга, жанаша жашаган кошунаңарга жана жаныңарда жүргөн досуңарга (жакшылык кылгыла)».**[1]

Ошондой эле Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айтты:

**«Жебреил периште мага: "Кошунага жакшылык кыл" – деп кайра-кайра айта бергендиктен, кошуна да мурас алат деп айтабы деген ойлор да келди».** [2]

Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, кошунасына зыян берген адамдар тууралуу өтө катуу эскертип:

**«Аллахка ант болсун, ыймандуу болбойт! Аллахка ант болсун, ыймандуу болбойт! Аллахка ант болсун, ыймандуу болбойт!» – деди. Ошондо сахабалар: "Оо Аллахтын Элчиси! Ким (ыймандуу болбойт)?" – деп сурашканда, Пай-**

1 Ниса сүрөөсү, 36-аят.

2 Тирмизи, 1943.

**гамбар, саллаллахи алейхи уа саллам: «Кошунасына тынчтык бербеген адам» – деп айтты.**[1]

Ислам дини кошунанын акысын жогору койгондуктан бул тууралуу көптөгөн насааттар айтылган. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, кошунаны сыйлап урматтаганга үндөп өз сөзүндө мындай деп айтты:

**«Эгерде ким Аллахка жана Акырет күнүнө ыйман келтирсе, анда ал кошунасын сыйласын».** [2]

Жада калса, кошуналарга жакшылык кылуу ыймандан деп Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айткан:

**«Менин жаным Анын колунда болгон Затка ант! Пенде өзүнө каалаган жакшылыкты кошунасына да каалмайынча ыйманы толук болбойт».** [3]

Эгерде ким кошунасына жакшы мамиле кылса, Аллахтын алдында эң жакшы адамдардын катарында болот. Бул жөнүндө Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

**«Аллахтын алдындагы достордун эң жакшысы – өз досуна эң жакшы мамиле кылгандары жана Аллахтын алдында кошуналардын эң жакшысы – өз кошунасына жакшы мамиле кылгандары».**[4]

1 Сахих Бухари, 5670.

2 Сахих Бухари, 5672.

3 Сахих Муслим, 45.

4 Тирмизи, 1944.

## КОШУНАНЫН АКЫЛАРЫ

Ислам452 динде кошунанын көптөгөн акылары бар. Алардын эң негизгилери:

### Салам айтуу же салам берсе алик алуу жана чакырса баруу.

Бул көрүнүш жалпы мусулмандардын бири-бири менен болгон мамилеси, бирок бул мамиленин кошуналар арасында болушу бири-бирине болгон урмат-сыйды күчөтөт жана алардын арасындагы көрө албастыкты жок кылып, душмандыктын жолун жабат.

### Кошунага зыян бербөө.

Дегеле адам баласынын бири-бирине зыян бериши чоң күнөөлөрдөн. Ал эми кошунага зыян берүү андан дагы чоң күнөө болот. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга: "Оо, Аллахтын Элчиси! Бир аял бар, түндөсү намаз окуп, күндүзү орозо кармайт, ошондой эле жакшы иштерди кылып садака берет, бирок кошунасына тили менен зыян берет"– дегенде Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

**«Анда ал аялдан жакшылык жок, ал тозок ээлеринен» – деди.** [1]

### Кошунанын башына түшкөн кайгы-капасын жана кыйынчылыктарын тең бөлүшүү.

Чындыгында кошунанын башына түшкөн кыйынчылыгын бөлүшүү – эң жакшы сыпаттардан болуп саналат.

1 Бухари "Адаб аль-Муфрад", 119.

Кошунаны зыярат кылуу, ал-акыбалын сурап туруу жана муктаж болсо ага жардам берүү.

Муну Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, өз насааттарында айткан:

**«Кимде-ким кошунасы ачка жатканын билип туруп, өзү тоюп жатып алса, анда ал мага толук ыйман келтирбептир».** [1]

Кошунанын айып кемчиликтерин жаап-жашырып, абийирин төкпөө.

Баарыбыз эле адам баласы болгондуктан билип-билбей туура эмес иш кылып алабыз. Күнөөдөн периштелер менен пайгамбарлар гана таза. Ал эми кандай гана адам болбосун, жашоосунда ката кетирет. Мисалга алсак, жубайы менен же бала-чакасы менен тил табыша албай калган учурлар болот. Мына ушундай учурларга кошуналар көбүнчө күбө болуп калышат. Ошондуктан кошунанын Исламдагы милдети – кошунанын үйүнөн көргөн жамандык иштерди жашыруу жана көргөн жакшылыктарын айтуу. Кыргызда "алыскы туугандан жакынкы кошуна артык" деп бекеринен айтылбаса керек.

* * *

1 "Таргийб уа тархийб", 3/323.

# 13. БАЛАНЫ АТА-ЭНЕГЕ КҮЙҮМДҮҮ КЫЛЫП ТАРБИЯЛОО

Ар бир ата-эненин жүрөк түпкүрүндөгү ой-максаты – балам чоңойгондо күйүмдүү, кайрымдуу болсо экен дейт. Каяша айтпаган, орой сөздөрдү сүйлөбөгөн ыймандуу, акыл-эстүү бала болуп чоңоюусун тилек кылат. Муну айтпасак да баарыбызга белгилүү. Бирок бул жашоодо дайым эле ойлогон нерселер ишке аша бербейт. Бала чоңоюп эрезеге жетип, анын жеке каалоолору пайда болгондо, ага туура эмес тарбия берилгендиктен көбүнчө балдар ата-энеге күйүмсүз болуп калышат. Ата-энени урматтап сыйлоонун ордуна үнүн бийик көтөрүп кыйкырып, аларды кагып силкиген балдар да арабызда жок эмес. Ошондой эле ата-энеге моюн сунбоонун күнөөсү канчалык оор экенин сезе билбегендер да арбын. Балдардын мындай абалга келүүсүнө, таш боор болуп өз ата-энесин да сыйлабай турган абалга келүүсүнө кимдер күнөөлү деген суроо ар бир адамдын оюна келет. Албетте, бул нерседе баланын өзүн күнөөлөштөн мурда, балага туура эмес тарбия берген ата-энени да күнөөлүү деп айтсак болот. Анткени баланын жарык дүйнөгө келүүсүнө себепкер болгон ата-эне – баланын аң-сезимине, дүйнөнү эң биринчи таанып билүүсүнө, туура же туура эмес жолду тандоосуна да себепкер болот. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айткан:

**«Ар бир наристе таза табиятта төрөлөт. Кийин аны ата-энеси яхудий кылат, же христиан кылат, же мажусий кылат».** [1]

Эгерде ата-эне шалаакылык кылып баланын тарбиясына көңүл бурбай, аларды өз оюна таштап салган болсо, анда бала оюна келгенин кылып, сырттан ар түрдүү жаман мүнөздөрдү үйрөнөт. Натыйжада бала адепсиз болуп терс сыпаттарга ээ болот. Муну мисал менен түшүндүрө турган болсок, дарактын бутагын чыбык кезинде аны кайсыл жакка бурса ошол жакка ийилип сынбай бурулуп кете берет. А бирок ал дарактын бутагы чоңоюп жоон бутакка айланган кезде аны кайрыганга такыр болбой калат. А эгер аны күчкө салып кайрый турган болсо, анда ал ошол жерден сынып куурап баштайт. Мына ошондой эле баланы да жаш кезинде ыйманга тарбиялап акыйкат жолду таанытып өстүрсө, анда ал баладан ата-эне келечекте сөзсүз урмат-сый көрөт. Эгерде ата-эне баласын жаштайынан ыймандуу болууга тарбиялабаса жана ага Ислам дининин өкүмдөрүн үйрөтпөгөн болсо, анда бала чоңойгон кезде анын терс сыпаттарын өзгөртүү мүмкүн болбой калат. Ошондуктан ар бир ата-эне баласын жаштайынан туура жолдо жүрүүгө, Аллахтын акыйкат динин кармануга тарбиялоосу зарыл. Эгерде бала Аллахтын өкүм-буйруктарына моюн сунган ыймандуу бала болуп чоңойсо, анда ата-эне өзүнүн ойлогон ой-тилектерине жеткен болот. Бала ата-энеге күйүмдүү жана кулк-мүнөздүү болуусуна анын ата-энеси чоң таасир берет. Андыктан эң биринчи багытты балага ата-эне көр-

1 Сахих Бухари, 1385.

сөтүшү керек жана мына ошол нерсени бала дагы толук түрдө сезе билиши зарыл. Анткени ата-энеге жакшылык кылуу – Аллахты жалгыз деп билгенден кийинки эле кезектеги кылына турган эң чоң ибадат болуп саналат. Биринчи кезекте Аллахтын акысы турат, андан кийинки эле орунда ата-эненин акысы турат. Аллах Таала ыйык Куранда айткан:

**«Сенин Раббиң бир Өзүнө гана сыйынууңарды жана ата-энеге жакшылык кылууну буйруду».** [1]

Аллах Таала пендесин жалгыз Өзүнө гана ибадат кылууга буйругандан кийин эле ата-энеңе жакшылык кылгын деп буйруду. Ошондуктан ар бир адам ата-эненин даражасын Аллах Таала канчалык бийик көтөргөнүн билиши керек.

Ата-энеге күйүмдүү болуу жана аларга кызмат кылуу – эң чоң ибадат болуп саналат. Ата-энеге жакшылык кылууну Аллах Таала пенденин мойнуна милдет кылып жүктөдү. Ыйык Куранда Аллах Таала:

**«Биз адамды ата-энесине жакшылык кылууга буйрудук» – дейт.** [2]

Эгерде бала ыймандуу болуп Аллахка баш ийсе, анда ал бала сөзсүз түрдө ата-энесин сыйлайт. Мына ошондуктан “Келечекте балам мага күйүмдүү болсун, урмат-сый көргөзсүн” деген ар бир ата-эне – баласын ыйманга тарбияласын. Ыймандуулар ата-энесин дайым сыйлап жүргөндүктөн, ата-энелери алардан кызмат көрүп бактылуулукта жашайт.

---

1 Исра сүрөөсү, 23-аят.

2 Ахкаф сүрөөсү, 15-аят.

Бул дүйнөдө адамзаты дүнүйөлүк иштердин эч бирин ата-энесинен жогору койбоосу зарыл. Бала-чакасын, аялын, жумушун, жоро-жолдошторунун эч бирин ата-энеден жогору койбоосу зарыл. Анткени ата-эненин кадыр – баркы бардык адамдардын кадыр – баркынан жогору турат. Мына ушундай ата-эненин кадыр баркы бийик экендигин жана бардык адамдардан жогору турарын Аллах Таала Өзү баса белгилеген. Бирок көпчүлүк адамдар бул нерсеге көңүл коштук кылып, ата-эненин акысын толук түрдө өтөшпөйт. Көпчүлүк адамдар жашоосунда негизги орунга иштеген жумушун, андан кийин аялын, андан кийин бала-чакасын, эс алуусун, андан кийинки кезекке ата-энесин коюп калды. Мына ушундай кылгандыктан жашоосунда береке болбой жашоо эрежеси бузулду. Өзү, негизинде урмат-сый көргөзүүгө эне – эң алдынкы төрт орундун үчөөсүн ээлейт. Андан кийинки орунда ата, андан кийинки кезекте аялы, бала-чакасы, жоро-жолдоштору, жумушу жана башка нерселер турат. Эң алдыңкы төрт орун ата-энеге гана таандык. Пайгамбарыбыздын хадисинде келген:

**«Эң алгач Эне! Эне! Эне! Андан кийин атаң»** – деген. Ата-эненин урмат-сыйын өз ордуна койгондон кийин башка нерселерге да орун берсе болот.

Эгерде адам жакшылык кылууда, урмат-сый көргөзүүдө ата-энеден кайсы бир нерсени жогору коё турган болсо, анда ал Кыяматта ошол нерсе себептүү тозокто азапка дуушар болот. Жумушту же сооданы жогору коё турган болсо, анда ошол жумуш же соода себептүү азапка дуушар болот. Анткени жашоодо негизги орунда туруугa – эң биринчи ата-

эне гана акылуу. Эгерде ата-эне тирүү болсо, анда аларга жакшылык кылуу үчүн башка иштердин бүт баарын токтотуш шарт.

Кимде-ким ата-энесине урмат-сый көргөзбөгөн болсо, анда анын жашоосунда эч кандай жакшылык жок. Аны адамдар жакшы деп мактап айтышса дагы анын жашоосунда такыр жакшылык жок. Андыктан ар бир бала ата-энесинин акысын өтөп, алардын кадыр-баркын өз ордуна коюуну шарият талап кылат. Адам баласы ата-энесине кандай гана жакшылык иштерди кылса да, ата-эненин акысын төлөп бүтө албайт, өзгөчө энесинин алдындагы акысын. Анткени эне баланы төрөп жаткандагы тарткан азабын, балага берген ак сүтүн жана анын төккөн мээримин эч нерсеге теңөөгө болбойт

* * *

.

## 14. БАЛАКАТКА ЖЕТҮҮ

Тарбия берүүдө ата-эне үчүн эң кыйын этап – балдары балакатка жеткен учур. Балакатка жетүү деген – балалык курактан өтүп, өз алдынча ой жүгүртүп, акыл-эси толук болуп, жетилген убак. Бул курак ар балада ар кандай учурда болушу мүмкүн. Кээ бир балдар эрте жетилсе, айрымдары кечирээк жетилет. Бул көптөгөн себептерден көз каранды, мисалы, тукум куучулук, улуттан, климаттан, тамактануудан ж.б.у.с. Эгерде бала туура тамактанса, физикалык жактан активдүү болсо жана сергек жашоодо жашаса, анын балакатка жетүүсү өз убагында болот.

Балакатка Эркек балдарга караганда кыздардын эрте жетилээри баарына эле маалым. Мисалы, эркек балдардын балакатка жетүүсү 12-13 жаштарда башталса, ал эми кыздарда болжол менен 11-12 жаштарда эле башталат.

Жаш балдар жетилип келаткан кезде аларды жаш балдардай кылып жемелөө, коркутуу, урупсогуу пайдасыз экенин жана эч кандай жакшы жыйынтыкка алып келбесин эстен чыгарбоо керек. Тескерисинче, аларга акырындан түшүндүрүү менен чоң адамдардай мамиле жасап, алар менен жай жана кеңири сүйлөшүү абзел.

Балакатка жеткен кезде эркек балдарга жана кыздарга өзгөчө көңүл буруп, алар кызыккан жана алардын билүүлөрү зарыл болгон кээ бир маселелерди айтып түшүндүрүү зарыл. Мисалга айтсак,

балдарга түшүркөө же жунуп болуу деген эмне экенин жана андан кийин кантип гусул алууну, ал эми кыздарга болсо, айыз жөнүндө жалпы түшүнүк берип, бул көрүнүш аялзаты балакатка жеткен кезде башталары туурасында айтып берүү. Ошондой эле айыз келген учурда мусулман аялзаты үчүн намаз, орозо, ажылыкта Каабаны таваф кылуу, Куран Китепти кармоо же окуу жана башка ушул сыяктуу ибадаттарды кылууга болбой тургандыгын да айтуу. Ал эми айыз бүткөндөн кийин сөзсүз гусул алып тазаланыш керек туурасында да айтып түшүндүрүү зарыл болот.

Кээ бир ата-энелер ушул сыяктуу маселелер туурасында балдарына айтып берүүдөн уялышса, кээ бири сөз кылуудан да коркушат, ал эми кээ бирлери болсо, ал маселелер жөнүндө такыр эле сөз кылбаш керек деген ойду карманышат. Мындай кылуу такыр туура эмес. Мисалы, бала түшүркөсө же жунуп болуп калса, анда ал үчүн гусул алуу парз. Эгер ал бала ушундай абалда гусул алуунун парз экенин билбесе, анда анын окуган намазы жана башка кылган ибадаттары кабыл болбойт. Ошондой эле кыздардын этек кири келген учурда кээ бир ибадаттарды кылууга болбойт. Качан ал толук тазаланып, гусул алгандан баштап ибадаттарды кайрадан аткарып баштайт.

Балдарды кичине кезинен эле намаз жана орозо сыяктуу ибадаттарга көндүрүш керек. Эгерде балдар балакатка жеткенден кийин деле бул ибадаттарды аткарбаса, анда ата-эне ал балдарын балакатка жеткен күндөн баштап уруп болсо дагы намаз окууга, орозо кармоого буйруш зарыл болот.

Ошондой эле балакатка жеткен балдардын ар биринин жата турган жайын дагы өзүнчө кылып бөлүү дагы талап кылынат.

Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам айтты:

**«Балдарыңар жети жашка толгондо, аларды намаз окууга буйругула! Алар он жашка келгенде да намаз окубаса, анда аларды намаз окубагандыгы үчүн ургула жана алардын жата турган жайларын өзүнчө кылып бөлгүлө».** [1]

Хадисте айтылган ургула дегендеги максат – балдарды көк-ала кылып же канжалатып ур деген эмес, аларга зыян тийбей турган даражада адептөө гана.

Ошондой эле ата-энелер балакатка жеткен балдарын Аллах Таала арам кылган жаман адаттардан алыс кылуулары керек. Чоочун кыз-келиндерди кароодон, пайдасы жок жаман кинолорду же интернетке кирип бузукулукка түрткөн сайттарга кирүүнү ж.б.у.с. жаман нерселерди адат кылып албоолору үчүн ата-эне балдарын ушул куракта катуу көзөмөлгө алуулары керек. Балдарды өткөөл куракта бош калтырбай, алардын келечегине пайда бере турган нерселер менен алек кылып, колдон келишинче шарт түзүп бергенге аракет кылуу. Мисалы, билим алууларына көбүрөөк басым коюп жана пайдалуу ийримдерге катыштыруу, спорттун түрлөрү менен машыктыруу ж.б.

* * *

1 Абу Дауд, 495.

# 15. БАЛАНЫН ИЛИМ АЛУУСУНА ШАРТ ТҮЗҮП БЕРҮҮ

Илимдүү менен илими жоктун даражасы бирдей эмес. Албетте, илимдүүлөрдүн даражасы ар дайым жогору турат. Аллах Таала ыйык Куранда айтат:

**«(Эй, Пайгамбар!) Айткын, билгендер менен билбегендер тең боло алышабы?».** [1]

Аллах Таала илимдүүлөрдүн даражасын бул дүйнөдө да, акыретте да көтөрөт. Бул жөнүндө Куранда айткан:

**«Аллах силердин араңардан ыйман келтиргендердин жана илимдүүлөрдүн даражасын көтөрөт».** [2]

Аллах Таала башка бир аятта мындай деген:

**«Чындыгында Аллахтын пенделеринен илимдүүлөр гана Андан (Аллахтан) коркушат».** [3]

Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам:

**«Аалымдар – пайгамбарлардын мураскорлору» – деген.** [4]

Илимдүүлөр канчалык кадыр-барктуу экендигин Аллах Таала ыйык Куранда баса белгилеген. Аллах Таала Куранда Өзү жана периштелер менен бирге аалымдарды да кошо бир катарда айткан:

1 Зумар сүрөөсү, 9-аят.

2 Мужаадала сүрөөсү, 11-аят.

3 Фаатир сүрөөсү, 28-аят.

4 Абу Дауд, 2685.

**«Аллах Өзүнүн жалгыз Кудай экендигине Өзү күбөлүк берди. Ошондой эле периштелер жана илимдүүлөр Аллахтын жалгыз Кудай экендигине күбөлүк беришти».** [1]

Андыктан бала, жашоодо чоң ийгиликтерге жетиши үчүн жана түз жолду өзү таап кетүүсү үчүн ата-энеси ага илим үйрөтүш керек. Анын илим алуусуна толук шарт түзүп, ага жашоодо туура кадамдарды таштоону үйрөтүү абдан зарыл.

Чындыгында бардык эле илим алам деген адам окуп илимдүү боло албайт. Илимдүү болуш үчүн бала өзү да тынымсыз аракет кылуусу жана ага татыктуу мугалим сабак берүүсү керек. Бул нерседе ата-эненин жардамы чоң. Балага татыктуу мугалим таап берип, анын илим алуусуна жакшы шарттарды түзүп берүүсү ата-эненин мойнундагы милдет. Ошону менен бирге баланы илим алууга кызыктырышы да ата-энеден талап кылынат.

Балага татыктуу мугалим таап берүү – баланы илимдүү болуусуна чоң таасир берет. Анткени бала кимден сабак алса, ошол адамды үлгү тутуп жашоодо ага ээрчийт. Кудайдан корккон ыймандуу жана сабак берүүдө тажрыйбалуу мугалим баланын илимге болгон кызыгуусун ойготот. Балага илим үйрөтө турган мугалим ата-эненин даражасында болот. Анткени ата-эне баланын бул дүйнөгө келишине себеп болсо, балага сабак берген мугалим баланын акыйкатты таанып билүүсүнө жана Аллахты таанып бейишке кирүүсүнө себеп болот. Ошондуктан баланын жашоосунда негизги ролду

1 Аалу Имран сүрөөсү, 18-аят.

ойногон, ага сабак бере турган жана ага жашоодо үлгү боло турган мугалим-устазды туура тандоо өтө зарыл иштерден. Балага туш келди эле адамды мугалим кыла берүү туура эмес. Орой мүнөздүү жана пайдасыз иштер менен көп алектенген мугалим, баланын илимге болгон кызыгуусун жоготот. Мугалимдин балага тийгизе турган терс сыпаттарынан: текеберлик, бузукулук, гыйбат кылуу, көрө албастык, бир нерсеге баш-оту менен кирип кетүү, чагымчылык кылуу ж.б.у.с. жаман сыпаттар. Мына ушундай мүнөздөрү бар адамды балага мугалим кылбоо зарыл. Балага татыктуу мугалим тандоодо ата-эненин мойнунда чоң жоопкерчилик бар. Мугалим тандоодо анын кулк-мүнөздүүлүгүнө жана өз адистиги боюнча тажрыйбасына көңүл буруу өтө зарыл. Эң башкысы балага сабак бере турган мугалим-устазда эки сыпат – Аллахка болгон ыкластуулук жана такыбалык сөзсүз болуусу шарт.

Ыкласы жок, Аллахтан коркпогон мугалим, баланы терс мүнөздөрдүн да эң жаманы болгон эки жүздүү болуп калуусуна себепчи болот. Балага эң коркунучтуу мугалим – анын сүйлөгөн сөзү кылган ишине туура келбеген мугалим. Мына ушундай өздөрү жакшы сыпаттарга ээ болбой туруп башкаларды жакшылыкка буйруган мугалим балага эч качан үлгү боло албайт. Андай адамдар Аллахтын каарына дуушар болушкан. Аллах Таала ыйык Куранда айтат:

**«Эй, ыйман келтиргендер! Эмнеге силер өзүңөр кылбай туруп башкаларды кыл деп айтасыңар. Өзүңөр кылбай туруп башкаларды кыл деп айтканыңар – Аллахтын алдында кандай жек көрөрлүк иш!»** [1]

1 Соф сүрөөсү, 2-3-аяттар.

Аллах Таала башка бир аятта:

**«Адамдарды жакшылыкка чакырып, а бирок өзүңөрдү унутуп каласыңарбы? Силер китепти окуйсуңар го! Акыл жүгүртпөйсүңөрбү?» [1] – деп айтат.**

Биздин келечегибиз болгон балдарга туура таалим-тарбия берүү үчүн аларга ыңгайлуу шарттарды түзүп берүү өтө зарыл. Пайдалуу илим алуу үчүн балдарга жакшы мугалим тандап берүү ар бир ата-энеден талап кылынат. Балага жакшы мугалим таап берилсе, ал мугалим балага жакшылыктын бүт баарын үйрөтөт. Ар бир ата-эне буга өзгөчө көңүл бөлүүлөрү керек.

* * *

1 Бакара сүрөөсү, 44-аят.

# 16. БАЛАНЫ ЖООПКЕРЧИЛИКТҮҮ БОЛУУГА ТАРБИЯЛОО

Ар бир адамдын коомчулуктагы өз ордуна жараша анын мойнуна жүктөлгөн жоопкерчиликтери бар. Бул туурасында Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, өзүнүн бир хадисинде мындай дейт:

**«Силер ар бириңер жоопкерсиңер жана ар бириңер өз милдетиңер үчүн сураласыңар. Эл башында турган башчы да жоопкер жана ал өз милдеттери үчүн суралат. Эркек да өз үй-бүлөсү үчүн жоопкер жана ал өз милдеттери үчүн суралат. Ошондой эле аял да күйөөсүнүн үйү жана балдары үчүн жоопкер жана ал дагы өз милдеттери үчүн суралат».** [1]

Мусулман адамдын мойнунда жоопкерчиликтер өтө көп. Ал жоопкерчиликтер адамдын Аллах Тааланын алдындагы, үй-бүлөсүнүн жана коомчулуктун алдындагы жоопкерчиликтери болуп үчкө бөлүнөт.

Аллах Тааланын алдындагы жоопкерчилик – Аллах гана сыйынууга татыктуу жалгыз Кудай экендигине жана Анын периштелерине, пайгамбарларына, китептерине, Кыямат күнүнө жана жакшылык да, жамандык да тагдырдан экенине ыйман келтирүү. Ошондой эле намаз, орозо, зекет, ажылык сыяктуу парз ибадаттарды аткаруу да – Аллахтын алдында ар бир мусулман милдеттүү болгон жоопкерчиликтерден.

1 Сахих Муслим, 1829.

Аллах Таала ыйык Куранда айтат:

**«Пайгамбар өзүнө Раббиси тарабынан түшүрүлгөн нерсеге ыйман келтирди жана момундар дагы (ыйман келтиришти). Бардыгы Аллахка, Анын периштелерине, китептерине, пайгамбарларына ыйман келтиришти (жана) "Биз Аллахтын пайгамбарларынын арасынан эч кимисин ажыратып ишенбей койбойбуз. Оо, Раббибиз! Биз (Сенин өкүмүңдү) уктук жана Сага моюн сундук. Бизди кечире көр! Жана Сага гана кайтабыз" дешти».**[1]

Башка бир аятта Аллах Таала айтат:

**«Мен жиндер менен адамзатты жалгыз Өзүмө сыйынуулары үчүн гана жараттым».** [2]

Үй-бүлөнүн алдындагы жоопкерчилик – адамдын ата-энесинин жана балдарынын алдындагы милдеттерин аткаруусу. Ошондой эле эркек өзүнүн аялынын алдындагы жана аялдын күйөөсүнүн алдындагы милдеттери жоопкерчилик болуп эсептелет. Ар бир үй-бүлө мүчөсү өзүнүн милдеттерин канчалык деңгээлде жакшы же жаман аткарганына жараша Аллах Тааланын алдында жооп берет.

Аллах Таала ыйык Куранда айтат:

**«Биз адамга өз ата-энесине жакшылык кылууну буйрудук. Энеси аны кыйналып боюнда көтөрүп, аны кыйынчылык менен төрөдү».**[3]

1 Бакара сүрөөсү, 285-аят.

2 Зарият сүрөөсү, 56-аят.

3 Ахкаф сүрөөсү, 15-аят.

Коомчулук алдындагы жоопкерчилик бул – адам өз элинин жана мекенинин алдындагы милдеттерин аткаруусу. Адам коомдо кандай гана кесиптин ээси болбосун, ал өз кесибин так аткарууга жоопкер. Ар бир адам коомдун бир бөлүгү болгондуктан, коомдун өнүгүүсүнө да, артка кетүүсүнө да жоопкер. Ошондуктан ар бир адам, ал башчы болсун, же жоокер болсун, же дарыгер болсун, же мугалим болсун өз кесибин так аткаруусу зарыл. Ошондой эле тууган-урук, кошуна-колоң, жоро-жолдоштордун алдындагы милдеттерди аткаруу да – ар бир мусулманга милдет.

Аллах Таала ыйык Куранда айтат:

**«Аллахка ибадат кылгыла жана Ага эч бир нерсени шерик кылбагыла. Ата-энеңерге, тууган-уруктарыңарга, жетимдерге, кедей-кембагалдарга, туугандыгы бар кошунаңарга, алыс кошунаңарга, жаныңардагы жолдошуңарга, мусапыр-карыптарга жана кол астыңардагы адамдарга жакшылык кылгыла».** [1]

Жогоруда жоопкерчилик жөнүндө үстүртөн кыскача гана айтылды. Бирок Ислам материалы жоопкерчилик сөзүнүн маани-маңызы мындан дагы кеңири. Андыктан ата-эне баласын жаштайынан жоопкерчиликтүү болууга үйрөтүүсү керек. Анткени жогоруда айтылган жоопкерчиликтин бардыгы келечекте ар бир баланын мойнуна жүктөлөт. Ар бир бала балакатка жеткенден баштап ага намаз, орозо сыяктуу ибадаттарды аткаруу парз болот. Ошондой эле ар бир бала келечекте ата-эне болуп

1 Ниса сүрөөсү, 36-аят.

өз балдарын тарбиялайт. Ошондой эле келечекте ар бир бала коомдо өз ордун таап, бир кесиптин ээси болот. Ошол кезде бала өз мойнуна жүктөлгөн милдеттердин жоопкерчилигин сезе билип, ал милдеттерди өз алдынча аткара ала тургандай деңгээлге жетүүсү керек.

Баланы жоопкерчиликке үйрөтүү оңой иштерден эмес. Балалык куракта бала оюнкарак болгондуктан оюнга алаксып, ага жүктөлгөн иштерди так аткарбай коюшу мүмкүн. Баланын мындай көңүл коштугу же жоопкерчилиги жоктугу көпчүлүк учурда анын эркелигининин себебинен да болушу мүмкүн. Ата-эне баласына болгон ырайымдуулугунан, боорукерлигинен улам баласын аяп, аны турмуш-тиричиликке бош, жоопкерчилиги жок кылып тарбиялоосу чоң катачылык. Себеби келечекте ата-эне дайыма эле баласы менен бирге боло албайт. Жадагалса ата-эне өмүрдөн эрте өтүп кетип, бала жетим калуусу да мүмкүн. Андай абалда баланын тагдыры өтө оор болушу ыктымал. Ошондуктан ата-эне баласынын тили чыгып калган кезден баштап өз муктаждыктарын өзү аткарганды үйрөтүп баштоосу керек. Мисалы, бут кийимин кийгенди, оюнчуктарын жыйнаганды, жатарда кийимин бир жерге койгон сыяктуу.

## БАЛАНЫ ЖООПКЕРЧИЛИКТҮҮ БОЛУУГА ҮЙРӨТҮҮНҮН КЭЭ БИР ЖОЛДОРУ

Бала парз намаздарды өз убагында аткаруусун көзөмөлдөө. Себеби бул нерсе менен бала Аллах Таала жүктөгөн жоопкерчиликти аткарууну үйрөнөт.

Баланын жашына жана мүмкүнчүлүгүнө жараша үй кызматтарынан тапшыруу.

Бала бир ишти аткара албай же жетишпей жатса, ата-эне дароо эле жардам бергенге шашылбашы керек. Себеби бала өз кыйынчылыктарын өзү жеңе билгенди үйрөнүүсү жакшы. А эгер баласы кичине эле кыйналса жардам бере берсе, анда бала өзүнүн күчүнө эмес, ата-энесинин жардамына таянып калат.

Бала бир ишти аткарууга сөз берип, бирок ал ишти талаптагыдай аткара албай жатса, анда ата-эне ошол ишти бала менен биргеликте аткарып, ага ишти туура аткаруу жолдорун көрсөтүүсү зарыл.

Эгерде бала ага дайындалган иштерди аткарбай койсо же туура эмес аткарса, анда аны дароо эле урушуп жемелеп кирбей, оболу ага туура багыт көрсөтүүнүн жана кантип жардам берүүнүн жолдорун ойлонушу керек. Эгерде ата-эне баланы ашыкча уруша берсе, натыйжада ал жалтанчаак, тартынчаак болуп, өзүнө болгон ишенимин жоготот.

Баланы бир ишке жумшаган кезде, ал ошол ишти аткарууда өз ыктыяры менен сүйүп аткара тургандай ыкмаларды колдонуу жакшы. Мисалы, "бул иш сенин колуңан келет" деген сыяктуу сөздөрдү айтып, аны шыктандыруу – анын кызыгуусун пайда кылат. Ошондой эле баланы эркелетип "менин чоң жардамчым" же "менин ишенген уулум же кызым" деп балдарды кубаттоо – ошол ишти чын дилинен аткаруусуна себеп болот.

Баланы жоопкерчиликке үйрөтүүнүн жолдору жана пайдалары мындан да көп. Ал пайдалардын эң негизгиси бала бирөөгө көз каранды болбой, өз күчү менен ийгиликке жетишүүнү жана өз чечимдеринин жоопкерчилигин өзү көтөрө билгенди үйрөнөт. Эгерде кокустан катачылык кылып бир кыйынчылыкка дуушар болсо, ал кыйынчылыктын чечимин бала өзү таап кутулганга даяр болот. Мисалы, азыркы учурда коомдо көп учураган жаш жубайлардын ажырашуусунун себеби – ата-энелери баласын же кызын үй-бүлөлүк турмуштагы милдеттерди аткаруу жоопкерчилигин үйрөтпөгөндүктөн болот. Андыктан мусулмандар өз балдарын «ар бириңер жоопкерсиңер жана ар бириңер өз милдетиңер үчүн суралаасыңар» деген хадистин алкагында тарбиялашса, коомдун оңолуусуна чоң салым болот.

* * *

# БАЛДАРГА ЖАНА КЫЗДАРГА ЫЛАЙЫКТУУ АТТАР

# УУЛ БАЛДАРГА КОЮЛА ТУРГАН ЫСЫМДАР

## АЛЛАХ ТААЛАНЫН ЫСЫМАНА БАЙЛАНЫШКАН АТТАР:

1. Абдуллах
2. Абдуррахман
3. Абдулазиз
4. Абдулбари
5. Абдулбасит
6. Абдулфаттах
7. Абдужаббар
8. Абдулгаффар
9. Абдулгафур
10. Абдулхакам
11. Абдулхаким
12. Абдулхалим
13. Абдулхамид
14. Абдужалил
15. Абдулкадир
16. Абдулкарим
17. Абдуллатиф
18. Абдулмажид
19. Абдулмужиб
20. Абдулматин
21. Абдулмухаймин
22. Абдуннаасир
23. Абдулкуддус
24. Абдулкаххар
25. Абдуррафи
26. Абдуррахим
27. Абдуррашид
28. Абдурраззак
29. Абдуссалам
30. Абдуссабур
31. Абдуссамад
32. Абдуссами
33. Абдушшакур
34. Абдутавваб
35. Абдулвадуд
36. Абдулвахид

## КУРАНДА КЕЛГЕН ПАЙГАМБАРЛАРДЫН АТТАРЫ:

1. Адам (آدَم)
2. Идрис (إِدْرِس)
3. Соолих (صَالِح)
4. Ибрахим (إِبْرَاهِيم)
5. Исмаил (إِسْمَاعِيل)
6. Исхак (إِسْحَاق)
7. Якуб (يَعْقُوب)
8. Юсуф (يُوسُف)
9. Шуайб (شُعَيْب)
10. Аюб (أَيُّوب)
11. Зулкифл (ذُو الْكِفْل)
12. Юнус (يُونُس)
13. Муса (مُوسَى)
14. Харун (هَارُون)
15. Ильяс (إِلْيَاس)
16. Альяса (الْيَسَع)
17. Дауд (دَاوُد)
18. Сулайман (سُلَيْمَان)
19. Закария (زَكَرِيَّا)
20. Яхья (يَحْيَى)
21. Иса (عِيسَى)
22. Мухаммад (مُحَمَّد)

## САХАБАЛАРДЫН АТТАРЫ

1. Абу Бакр
2. Умар
3. Усман
4. Али
5. Хасан
6. Хусейн
7. Абу Убайда
8. Зубайр
9. Абу Талха
10. Язид
11. Абул- Аас
12. Яман
13. Абу Муса
14. Аббас
15. Аббад
16. Аммар
17. Адхам
18. Абу Аюб
19. Амр
20. Анас
21. Аркам
22. Аус
23. Билал
24. Валид
25. Вахб
26. Жабир
27. Жарир
28. Жафар
29. Абу Суфиян
30. Икрима
31. Имран
32. Катада
33. Касым
34. Мугыйра
35. Микдад
36. Муаз
37. Мусаб

38. Муавия
39. Нууман
40. Саад
41. Салман
42. Сураака
43. Сумама
44. Саалим
45. Сабит
46. Сухайб
47. Зейд
48. Рабият
49. Талха
50. Шаддад
51. Умейр
52. Усейд
53. Уккаша
54. Убай
55. Усама
56. Абу Саид
57. АбуДарда
58. Укбат
59. Худейр
60. Хаббаб
61. Хажар
62. Хабиб
63. Хаким
64. Хубайб
65. Холид
66. Хассан
67. Хамза
68. Хузейфа
69. Хузайма
70. Абу Зар
71. Аасим
72. Яасир
73. Абу Дужана
74. Абу Хурайра

## КЭЭ БИР ЫСЫМДАРДЫН МААНИЛЕРИ

1. Азамат – “улуулук, даңк, чыныгы жигит”
2. Азим – “улуу”
3. Айдар – “арстан”
4. Аалы – “бийик, көтөрүңкү”
5. Аалым – “илимдүү”
6. Аскар – “жоокер”
7. Ахмад – “мактоого татыктуу”
8. Азиз – “урматтуу, кымбаттуу”
9. Анвар –“нур чачкан”
10. Адыл – “адилеттүү”
11. Амир – “өкүмдар, башкаруучу”
12. Бакир – “изилдөөчү”
13. Баян – “ачыктап берүү
14. Баят – “сөз берүү”
15. Бурхан – “себеп, далил”
16. Дияр – “өлкө, аймак”
17. Дөөлөт – “бакыт, байлык”

18. Дамир – “көшөргөн, тырышчаак”
19. Жалал – “даңктуу, белгилүү”
20. Жуман – “баалуу таш”
21. Жамал – “сулуу”
22. Жусуп (Юсуф) – Пайгамбардын аты “сулуу, келишимдүү”
23. Зайир – “ачык, даана, шексиз”
24. Закир – “кудайды мактаган”
25. Ибрагим – пайгамбардын аты
26. Иса – “кудай тарабынан берилген сүйкүмдүүлүк”.
27. Ислам – “Улуу жаратканга баш ийүүчү”
28. Исматулла – “Алланын коргоосу алдындагы”
29. Икрам – “сый, урмат”
30. Иман – “ишеним, ыйман”
31. Кадыр – “бардык нерсени жасай алуучу”
32. Кайрат – “күчтүү, таң калтыруучу”
33. Камбар – “чоң күч”
34. Капар – “кечирүүчү”
35. Касым – “бөлүштүрүүчү, тамактандыруучу”
36. Карим – “берешен, ак көңүл”
37. Мухаммад – “мактоого татыктуу”
38. Максут – “асылкеч, жагымдуу”
39. Махмуд – “мактоого татыктуу”
40. Манар – “белги, аяндоо”
41. Мансур – “жеңүүчү”
42. Медет – “жардам, таяныч”
43. Мурас – “энчи, мураскор”
44. Мубарак – “ыйык”
45. Музаффар – “жеңүүчү”
46. Муса - пайгамбардын аты “суудан чыгарылган”
47. Муталип – “талап кылуучу”
48. Мухит – “океан, айлана чөйрө”
49. Малик – “падыша”.
50. Мажит – “кыйын, баарын жасай алган”
51. Мурат – “каалаган, самаган нерсе”
52. Мустафа, Мухтар – “тандалган”

53. Надыр – “чанда кездешүүчү”
54. Назар – “көз караш”
55. Насыр – “дос”
56. Расул – “белги берүүчү”
57. Нурсултан – “жаркыраган султан, башкаруучу”
58. Нуруллах – “Алланын нуру”
59. Умар – “чыдамкай, турмушка бышкан”
60. Райым – “сүйкүмдүү, ак көңүл бек”
61. Рашид – “акылдуу, эрктүү”
62. Сайфуддин – “акыйкат диндин кылычы”
63. Сабыр – “чыдамкай”
64. Султан – “бийлик, өлкөнү башкаруучу”
65. Сабит – “туруктуу, ишенимдүү”
66. Садык – “чынчыл”
67. Сыддык – “тастыктоочу”
68. Самир - “маектеш, маекти колдоочу”
69. Сираж – “жарык”
70. Сейит – “бактылуу”
71. Тайыр – “бийикте учкан”
72. Талип – “билим издеген, студент”
73. Талгат – “чөлдө өскөн өсүмдүктүн аты”
74. Замир – “жүрөк, ынсап, уят”
75. Казы, Газы – “сот, чечүүчү”
76. Шарип – “сыйлуу, даңктуу, ыйык”
77. Фарук – “ажырата билүүчү”
78. Хамид – “мактоочу, арылоочу”
79. Хаким – “даанышман”
80. Хасан – “жакшы, келишимдүү”
81. Халил – “дос, сүйгөн”

# КЫЗДАРГА КОЮЛА ТУРГАН ЫСЫМДАР

## САХАБА АЯЛДАРДЫН АТТАРЫ

1. Аруа
2. Асмаа
3. Амина
4. Аиша
5. Атика
6. Бусра
7. Дурро
8. Жувайрия
9. Жаария
10. Жамила
11. Зайнаб
12. Лубаба
13. Лейла
14. Маймуна
15. Малика
16. Мария
17. Насиба
18. Наиля
19. Руфайда
20. Ракийка
21. Рамла
22. Рукайя
23. Рита
24. Сувайба
25. Сумайя
26. Салма
27. Сахла
28. Сирин
29. Сафия
30. Шайма
31. Уммукулсум
32. Умму Аслам
33. Умму Айман
34. Умму Салама
35. Факиха
36. Фатыма
37. Хажима
38. Хадижа
39. Хаула
40. Хабиба
41. Хасна
42. Хафса
43. Халима
44. Химна
45. Хаува
46. Хузайла
47. Ханида

## КЭЭ БИР АТТАРДЫН МААНИЛЕРИ

1. Аая – "ачык белги"
2. Адия – "жөнөкөй"
3. Аида – "кайтып келүүчү"
4. Аиша – "жандуу, жашоону сүйгөн"
5. Алия – "кадырлуу, урматтуу"
6. Алфия – "көп жашоочу"
7. Асел – "бал"
8. Амина – "ишенимдүү, бекем"
9. Амира – "ханыша"
10. Аниса – "достукту сүйгөн, жароокер"
11. Адиля – "адилеттүү, чынчыл"
12. Азиза – "күчтүү, улуу урматтуу"
13. Асия – "бей-бечарага жардам берген жа-

на аларды айыктырган”
14. Дина – “дин, ишеним”
15. Динара – Динар “алтын тыйын”.
16. Жазира – “кенен, талаадай кеңири”
17. Жамила – “сулуу, ак көңүл”
18. Захра – “гүл”.
19. Зайнаб – “жыпар жыттуу, кооз дарак”
20. Захира – “ачык, жаркыраган”
21. Зайна – “сулуу, татынакай”
22. Зафира – “ийгиликтүү, жолу ачык”
23. Закия – “акылдуу”
24. Замира – “катылган, жашырылган кыял, чоордо ойногон”.
25. Камила – “эң сонун, эң алдыңкы”.
26. Калима – “жумшак көңүлдүү”
27. Карима – “берешен, кең пейил”
28. Лейла – “түн”
29. Латифа – “назик, жумшак”
30. Лина – “назик”
31. Медина – “шаардын аты”
32. Малика – “ханыша”
33. Наиля – “максатына жете алган”
34. Нафиса – “кымбат баалуу”
35. Назира – “кыраакы, сезгич, алтын”.
36. Робия – “жаз айы”
37. Рошида – “акылман, көрөгөч”
38. Рая – “суусунду кандырган”
39. Роида – “алга умтулган, лидер”
40. Розия – “сүйүктүү, жагымдуу”
41. Рокия – “өзүнө тартып турган, жылдыздуу”
42. Рохила – “шамдагай, жаны тынбаган”
43. Саида – “бактылуу”
44. Салтанат – “бийлик, хандын аялы”.
45. Саида – “сыйлуу, урматтуу”
46. Сабира – “чыдамкай”
47. Сафия – “таза, достукка бекем, жайбаракат”
48. Сакина – “оор басырыктуу”
49. Самия – “кадырлуу”
50. Салма – “тынч, оор басырыктуу, ынтымактуу”
51. Салиха – “такыба, таза”
52. Самира – “баарлашууну колдогон”
53. Салима – “бузулба-

ган, дени сак"
54. Тахира – "пакиза, таза"
55. Шарипа – "кең пейил, ыйык"
56. Шарифа – "асылзат, нурдуу"
57. Фарида – "чанда учуроочу, жалгыз".
58. Фаиза – "жеңиш алып келүүчү"
59. Фатима – "жарык жүздүү",
60. Фатина – "ажарлуу"

61. Халима – “токтоо, жумшак”.
62. Ясира – “жеңил

# МАЗМУНУ

КИРИШ СӨЗ ........................................ 3

## 1-БӨЛҮМ
## БАЛА ТАРБИЯЛООДОГУ ЭҢ АЛГАЧКЫ КАДАМДАР

1. БАЛА ТАРБИЯЛООНУН БАШТАЛЫШ УБАКТЫСЫ .................. 5
2. БАЛА ТАРБИЯЛООДО АТА-ЭНЕНИН ОРДУ .................. 5
3. ӨМҮРЛҮК ЖАР ТАНДОО .................. 7

## 2-БӨЛҮМ
## БАЛА ТӨРӨЛГӨНДӨН КИЙИН ЖЕТИ КҮНДҮН ИЧИНДЕ АТКАРЫЛУУЧУ ИШ-АРАКЕТТЕР

1. БАЛАНЫН КУЛАГЫНА АЗАН АЙТУУ .................. 11
2. ООЗАНДЫРУУ (ТАХНИК) .................. 14
3. БАЛАГА АТ КОЮУ .................. 16
4. БАЛАГА АКЫЙКА КЫЛУУ .................. 22
5. НАРИСТЕНИН ЧАЧЫН АЛУУ .................. 26
6. СҮННӨТКӨ ОТУРГУЗУУ .................. 29

## 3-БӨЛҮМ
## БАЛА ТАРБИЯЛООДО АТА-ЭНЕНИН МИЛДЕТТЕРИ

1. АТА-ЭНЕНИН ӨЗ БАЛДАРЫНА БОЛГОН МИЛДЕТТЕРИ...... 33
2. БАЛДАРГА ҮЛГҮЛҮҮ АТА-ЭНЕ БОЛУУ .................. 36
3. БАЛДАРГА МЭЭРИМДҮҮ БОЛУУ .................. 39
4. БАЛДАРГА АДИЛЕТТҮҮ БОЛУУ .................. 43

## 4-БӨЛҮМ
## БАЛАГА ТАРБИЯ БЕРҮҮДӨГҮ НЕГИЗГИ МИЛДЕТТЕР

1. БАЛДАРДЫ ЫЙМАНДУУЛУККА ТАРБИЯЛОО ........................ 48
2. БАЛАНЫ ПАЙГАМБАРДЫ СҮЙҮҮГӨ ТАРБИЯЛОО................. 53
3. БАЛАГА КУРАН ҮЙРӨТҮҮ.................................................................. 57
4. БАЛАНЫ ЖАШТАЙЫНАН ИБАДАТКА КӨНДҮРҮҮ ................ 60
5. БАЛАНЫ АДЕПТҮҮЛҮККӨ ТАРБИЯЛОО ..................................... 64
6. БАЛАНЫН ДЕН-СООЛУГУНА КАМ КӨРҮҮ................................ 68
7. БАЛАНЫ КООМГО АРАЛАШТЫРУУ............................................ 73
8. БАЛАНЫ УЛУУ АДАМДАР МЕНЕН АРАЛАШТЫРУУ ............ 75
9. БАЛАГА САЛАМДАШУУ АДЕБИН ҮЙРӨТҮҮ............................ 79
10. ООРУЛУУНУ ЗЫЯРАТ КЫЛУУ .................................................... 86
11. БАЛАНЫН ДОСТОРУНА КӨҢҮЛ БУРУУ .................................. 91
12. БАЛДАРГА КОШУНАЛАР МЕНЕН ЖАКШЫ БОЛУУНУ ҮЙРӨТҮҮ.................................................................................. 94
13. БАЛАНЫ АТА-ЭНЕГЕ КҮЙҮМДҮҮ КЫЛЫП ТАРБИЯЛОО ... 99
14. БАЛАКАТКА ЖЕТҮҮ.....................................................................104
15. БАЛАНЫН ИЛИМ АЛУУСУНА ШАРТ ТҮЗҮП БЕРҮҮ ..........107
16. БАЛАНЫ ЖООПКЕРЧИЛИКТҮҮ БОЛУУГА ТАРБИЯЛОО..111
УУЛ БАЛДАРГА КОЮЛА ТУРГАН ЫСЫМДАР ......................118
КЫЗДАРГА КОЮЛА ТУРГАН ЫСЫМДАР ...............................123